# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | МАЙ-ИЮНЬ 2017 | № 5-6 (66-67) чыгарылышы

Муниципалитет – бул аймактын,
ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ САНДА:

**Юридикалык консультация**

Жергиликтүү кеңештердин иши: кошмо жыйналыштар, маселелер, этика жана мөөнөттөр ... 2

ЖӨБ органдарынын жергиликтүү жамаат менен өз ара аракети жана жашоо-тиричилигин уюштуруу ... 6

Ресурстарды жана жергиликтүү бюджетти башкаруу ... 8

**ЖӨБдүн эл аралык тажрыйбасы**

Эстониядагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу ... 12

**Жарандардын ЖӨБго катышуусу**

Коомдук иш-чараларда (чогулуштар, коомдук угуулар) туура түзүлгөн Протокол жарандар менен жергиликтүү бийлик орто-сундагы ишенимди жана кызматташтыкты жогорулатат ... 17

Катышуу кандай учурда эксплуатациялоого айланат же ашарды кантип токтотобуз? ... 22

**ЖӨБдүн финансысы**

Айылдык аймактардын санын кыскартуунун пайдасына келтирилген финансылык жүйөлөр ... 27

**ЖӨБ кадрлары**

Башкаруу усулдарын жаштар көрсөтүүдө ... 31

**ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жаңылыктары**

Жарандардын бюджеттик процесске катышуу модели Нарын жана Ош облустарында жайылтылат ... 35

*Нарын жана Ош облустарынын АЁ кызматкерлери менен жергиликт== активисттери жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо боюнча алгачкы иш-чараларды ёткёр=шт=*

“Жамааттын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүүгө инвестициялар” гранттык машыктыргычы ... 39

*Чүй облусундагы 15 элеттик муниципалитет жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө 14,7 миллион сом алышты. Чүйдөгү 15 муниципалитеттин өкүлдөрү үчүн мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү боюнча окуулар уюштурулду. Кызыл-Туу аймагынын жаштарында футбол талаасы бар!*

ЖӨБдүн өнүгүүсү: реформалар, мыйзамдардагы жаңылыктар ... 42

*Үч облустагы 250дөн ашуун муниципалдык кызматчы кызматчылардын ишине баа берүү, конкурс өткөрүү жана кызматынан илгерилөө боюнча жаңы билимге ээ болушту. 2018-2020-жылдарга Кыргыз Республикасында ЖӨБдү өнүктүрүү программасынын долбоорун даярдоо боюнча Жумушчу топ бекитилди*

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ. Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Үмөталиев көч., 108, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**

Бул түрмөк Өнүктүрүү саясат институтунун дарегине жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан түшкөн суроолордун негизинде даярдалды.

Муниципалитеттердин суроолоруна жоопторду ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун юристтери **Бектурган ОРОЗБАЕВ** жана **Нуржан МАМЫРАЛИЕВА** даярдашты

# Жергиликтүү кеңештердин иши: кошмо жыйналыштар, маселелер, этика жана мөөнөттөр

## Жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналыштары тууралуу

**Муниципалитеттер аралык же мамлекеттик маанидеги айрым маселелерди чечүү район деңгээлинде жайгашкан ЖӨБ органдарынын жалпы аракеттерин талап кылат. Буга жараша жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналыштарын өткөрүү зарылчылыгы пайда болот. Бул жыйналыштарды уюштуруунун жана өткөрүүнүн жол-жоболору жана укуктук базасы кандай?**

КР Конституциясынын 89-беренесинин 7-пунктунун эски редакциясы КР премьер-министрине жергиликтүү кеңештердин сунушу боюнча жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларын – акимдерди дайындоо жана кызматынан бошотуу мүмкүнчүлүгүн берген. Ошондуктан “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамында жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналыштар институту каралган. “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамынын 21-1-беренесине ылайык, жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналыштарынын компетенциясына төрт гана маселени кароо киргизилген. Алар:

- акимдин кызмат ордуна дайындоо үчүн талапкерлик боюнча сунуш киргизүү;
- жылына бир жолудан кем эмес тиешелүү аймактагы иштердин абалы жөнүндө акимдин отчетун угуу;
- өз милдеттерин аткарбаганы же талаптагыдай эмес аткарганы үчүн акимге жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышынын депутаттарынын жалпы санынын добуштарынын үчтөн экиси менен ишеним көрсөтпөөнү билдирүү;
- аймактык шайлоо комиссиясынын курамына киргизүү үчүн талапкерлерди Борбордук шайлоо комиссиясына көрсөтүү, ошондой эле аймактык шайлоо комиссиясынын резервинин курамына талапкерлерди көрсөтүү.

Буга ылайык, жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналыштары жогорудагы саналгандардан тышкары башка маселелерди кароого укугу жок болчу.

2016-жылдын 4-декабрында өткөн референдумда КР Конституциясына өзгөртүүлөр киргизилип, акимдерди дайындоо жана кызматынан бошотуу процессине жергиликтүү кеңештердин катышуусу алып салынган. Конституциянын жаңы редакциясына ылайык, премьер-министр жергиликтүү кеңештердин макулдугусуз акимдерди дайындайт жана кызматынан бошотот. Ушул тапта КР Өкмөтү мыйзамдардын ченемдерин КР Конституциясына шайкеш келтирүү максатында мыйзам долбоорун демилгелеп жатат. Аны менен катар өз миссиясын жоготкон жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналыштар институттарын жоюп салуу пландалууда.

Жергиликтүү кеңештердин райондук маанидеги маселелерди жана айылдык аймактар ортосундагы маселелерди кароо зарылчылыгы боюнча айта

турган болсок, мыйзамдар жергиликтүү кеңештерге өз сессияларында мамлекеттик же муниципалдык кызматтарды көрсөткөн мамлекеттик, муниципалдык мекемелердин, калкты тейлеген ишканалардын жана уюмдардын, ошондой эле тийиштүү жергиликтүү кеңештин компетенциясына кирген маселелер боюнча жергиликтүү кеңешке отчет берген же ага караган бардык органдардын же кызмат адамдардын маалыматтарын өз алдынча карап чыгууга жана угууга тыюу салбайт. Мындан тышкары жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамдарга ылайык, муниципалитеттер ортосундагы кызматташуу тартибинде башка жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргеликте алардын компетенциясына караган бардык маселелерди чечүүгө укуктуу.

## Депутаттык суроо-талап жөнүндө

**Депутат кеңештин сессиясында алдын ала талкуудан өткөрбөстөн, өз алдынча депутаттык суроо-талап жасай алабы?**

"Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" КР Мыйзамынын 11-беренесине ылайык, суроо-талап депутат же депутаттар тобу тарабынан жазуу жүзүндө же оозеки түрдө киргизилиши мүмкүн. Ал сессиянын күн тартибине киргизилүүгө тийиш, ал боюнча талкуу жүргүзүлүшү жана чечим кабыл алынышы мүмкүн.

Жергиликтүү кеңештин төрагасы суроо-талаптын текстин, ал коюлган тийиштүү органга же кызмат адамына жеткирет. Суроо-талап коюлган орган же кызмат адамы жергиликтүү кеңеш белгилеген мөөнөттө ага оозеки же жазуу жүзүндө жооп берүүгө тийиш. Суроо-талапка жооп жергиликтүү кеңештин сессиясында каралат.

Ошондой эле "КР мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматка жеткиликтүүлүк жөнүндө" КР Мыйзамы жергиликтүү кеңештин депутатына жеке жак катары оозеки же жазуу жүзүндө мамлекеттик органдарга жана ЖӨБ органдарына суроо-талап менен кайрылууга укук берет. Мамлекеттик бийлик органдары жана ЖӨБ органдары 14 күндүн ичинде депутаттын/жеке жактын суроо-талабына жооп кайтарууга милдеттүү.

Жөнөкөй сөз менен айтканда, депутат жаран катары гана өз алдынча суроо-талапты жолдой алат. Суроо-талапка депутаттык деген статусту ыйгаруу үчүн сессиянын жактыруусу зарыл.

## Жергиликтүү кеңештердин депутаттары жөнүндө

**Жергиликтүү кеңештин депутаты кошуна жергиликтүү кеңештин ишине кийлигишип же катыша алабы?**

Жергиликтүү кеңештин депутаты башка айылдык аймактын, шаардын ишине катыша албайт же кандайдыр бир жол менен алардын ишине кийлигише албайт.

"Жергиликтүү өз адынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 21-беренесине ылайык, жергиликтүү кеңештер юридикалык жактар болуп саналат жана мыйзамдар менен өздөрүнүн компетенциясына таандык кылынган ар кандай маселелерди өз алдынча чечүүгө укуктуу.

## Жергиликтүү кеңештин депутатынын дарегине жүйөсүз сын жөнүндө

**Эгерде башка муниципалитеттин жергиликтүү кеңешинин депутаты биздин жергиликтүү кеңеш тууралуу терс маанайдагы пикирин билдирип, ишине жүйөсүз эле начар баа берип жатса, бул депутатка карата кандай чараларды колдоно алабыз?**

"Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" КР Мыйзамынын 8-1-беренесине ылайык, депутат өз ишинде моралдын жалпыга таанылган ченемдерин кармануууга, өз беделин сактоого, башка депутаттардын, башка кызмат адамдарынын жана жарандардын ар-намысын жана беделин сыйлоого, тиешелүү жергиликтүү кеңешти, шайлоочуларды жана бүтүндөй мамлекетти жама-

натты кылган аракеттерден, билдирүүлөрдөн жана жосундардан сактанууга тийиш. Депутат өз ишинде Депутаттык этика кодексинин талаптарын карманат. Башка айылдык кеңештин депутаты мындай бузууларга жол берген учурда КР Граждандык кодексинин I бөлүгүнүн 18-беренесин колдонмого алуу менен, жергиликтүү кеңеш өзүнүн ишкердик беделин коргоо үчүн сотко кайрылууга укугу бар. Юридикалык жак катары жергиликтүү кеңештин ишкердик бедели негизинен коомдук ишинин жыйынтыктарынан жана ал тууралуу ачык жайылтылган маалыматтардан калыптанып, юридикалык жактын ишине коомдук баа түрүндө болот.

Эгерде жергиликтүү кеңештин ишкердик беделине шек келтирген маалыматтар массалык маалымат каражаттарында жайылтылса, алар ошол эле массалык маалымат каражаттарында төгүндөлүүгө тийиш.

Эгерде аталган маалыматтар уюмдан чыккан документте камтылса, мындай документ алмаштырылууга же кайра алынууга тийиш.

Эгерде соттун чечими аткарылбаса, сот бузуучуга процессуалдык мыйзамдарда каралган өлчөмдөрдө жана тартипте мамлекеттин кирешесине өндүрүлүүчү айып акы салууга укуктуу. Айып акыны төлөө укук бузуучуну соттун чечиминде каралган аракеттерди аткаруу милдетинен бошотпойт.

Өзүнө карата ишкердик беделине шек келтирген маалыматтар жайылтылган жергиликтүү кеңеш мындай маалыматтарды төгүндөө менен катар алардын жайылтылышынан улам келтирилген зыяндардын жана моралдык зыяндын ордун толтурууну талап кылууга укуктуу.

Мындай суроолордун пайда болуп жатышы жергиликтүү кеңештердин депутаттары үчүн Этика кодексин иштеп чыгуу зарылдыгынан кабар берет.

## Текшерүүлөрдү демилгелөө жөнүндө

**Айылдык кеңеш же кеңештин депутаты көзөмөлдөөчү органдар ЖӨБ органынын ишине текшерүү жүргүзүүсү тууралуу маселени кантип демилгелей алат?**

"Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" КР Мыйзамынын 12-беренесине ылайык, жергиликтүү кеңештин депутаты жергиликтүү кеңешке жана анын органдарына анын аймагында жайгашкан ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын ишин менчигинин түрүнө карабастан, ошондой эле финансы-чарбалык иштен тышкары мамлекеттик органдарды жана жарандардын бирикмелеринин органдарынын ишин текшерүү зарылдыгы жөнүндө маселе коюуга укуктуу.

Айталы, жергиликтүү кеңеш ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга депутат баяндаган фактылар боюнча текшерүү жүргүзүүнү сунуштоого укуктуу. Мында текшерүү колдонулуп жаткан мыйзамдарга ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.

Депутат текшерүү жүргүзүү тууралуу өз демилгесин жергиликтүү кеңештердин кароосу үчүн маселе катары киргизе алат.

Жарандардын укуктарын бузулушу же башка мыйзам бузуулардын бети ачылганда депутат укук бузууну токтотууну талап кылууга, ал эми зарыл болгон учурларда укуктун бузулушуна бөгөт коюу талабы менен тийиштүү органдарга жана сотторду жана судьяларды кошпогондо, кызмат адамдарына кайрылууга милдеттүү.

Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу ор-




*Плакаттын автору – Айжамал ЖОРОБЕКОВА, "Тың жашоо: ушуле жерде жана азыр" плкаттар сынагынын катышуучусу, 2015-ж.*

гандарынын жана жарандардын бирикмелеринин кызмат адамдары, менчигинин түрүнө карабастан, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын администрациясы, ошондой эле депутаттын талабы багытталган милиция кызматкерлери укук бузууларды жоюуга карата токтоосуз чараларды көрүүгө, ал эми зарыл болсо - бул жөнүндө кийин депутатка маалымдоо менен күнөөлүүлөрдү жоопко тартууга чара көрүүгө милдеттүү. Чаралар көрүлбөгөн учурда депутат, депутаттык фракция жана жергиликтүү кеңештердин тобу кайрылган кызмат адамдары мыйзамда белгиленген тартипте тартиптик, администрациялык же жазыктык жоопкерчилик тартышат.

## Жергиликтүү кеңештердин сессиясына документтерди берүү мөөнөттөрү жөнүндө

**Айылдык аймактын жергиликтүү кеңешинин регламентинде жыйналышта карала турган документтерди жана материалдарды берүү боюнча мөөнөт сессия башталганга чейин 2 календардык күндөн кеч эмес деп аныкталган. Бул канчалык укук ченемдүү?**

Депутаттардын жергиликтүү кеңештин сессиясында карала турган документтерди жана материалдарды кеңештин сессиясы башталганга чейин берүү мөөнөтүн белгилөөнү туура жана зарыл деп эсептейбиз. Депутаттар жана башка чакырылган адамдар карала турган маселелер менен алдын ала таанышып чыгып, өз жоопторун, жүйөлөрүн даярдап алышы керек.

Болбосо депутаттарга материалдар менен таанышуу үчүн сессия маалында кошумча убакыт талап кылынат, ошондуктан сессияга бөлүнгөн убакыт натыйжасыз өтөт же узарып кетет. Болбосо депутаттар сессияда каралып жаткан маселе боюнча аны менен терең таанышпастан добуш берип коюшат. Документтерди 3 календардык күн мурда берүү жол-жобосу КР Жогорку Кеңешинин комитеттеринде, фракцияларында жана жыйналыштарында практикаланып келет. Бул жол-жобо бузулган учурда маселе күн тартибинен алып салынышы мүмкүн.

Бул жол-жобо дагы кененирээк айылдык кеңештин Типтүү регламентинде сүрөттөлгөн. Типтүү регламент ЖӨБЭММАнын 2013-жылдын 25-ноябрындагы № 01-24/65 буйругу менен бекитилген. Анда төмөнкүлөр айтылат:

“Айылдык кеңештин сессиясы айылдык кеңештин ишинин негизги уюштуруучулук-укуктук формасы болуп эсептелет, ал маселелерди жамааттык талкуулоо жана алардын чечимдери боюнча токтомдорду кабыл алууну камсыздайт.

Айылдык кеңештин кароосуна киргизилген документтердин пакети төмөнкүлөрдү камтышы керек:

- айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы даярдаган, айылдык кеңештин төрагасы айыл өкмөт башчысы, тиешелүү туруктуу (убактылуу) комиссиялардын төрагалары менен макулдашып жактырган токтомдордун долбоорлору;
- токтомдун долбооруна маалым кат-жүйө;
- салыштырмалуу таблица (иштеп жаткан токтомго өзгөртүүлөрдү жана (же) толуктоолорду киргизген учурда);
- тийиштүү туруктуу (убактылуу) комиссиянын корутундусу же чечими;
- токтом долбоорунун мамлекеттик органдардын тиешелүү бөлүмдөрү, уюмдар, мекемелер, ишканалар, жергиликтүү жамаат менен макулдашылганы тууралуу маалыматты камтыган документтер (зарыл болгондо);
- жүргүзүлгөн экспертизалардын натыйжасында даярдалган эксперттик бүтүмдөр (зарыл болгондо).

Кезектеги сессиянын күн тартибинин долбоорун айылдык кеңештин төрагасы айылдык кеңештин, туруктуу (убактылуу) комиссиялардын, депутаттардын, айыл өкмөт башчыларын иш планынын негизинде жыйналышка 10 күн калганга чейин жана айылдык кеңештин кезексиз сессиясына 5 күн калганга чейин түзүлөт. Чукул кырдаалдар пайда болгон учурда токтоосуз чакырылат.

Сессиянын күн тартибинин долбооруна маселелерди төрага айылдык кеңештин профилдик туруктуу (убактылуу) комиссиялардын төрагалары менен алдын ала талкуулагандан кийин киргизет.

Сессия өтчү күнү жана жери көрсөтүлгөн, төрага түзгөн сессиянын күн тартибинин долбоору, токтомдордун долбоорлору жана жыйналыштын кароосуна киргизиле турган башка документтер менен материалдар депутаттарга, чакырылгандарга сессия башталганга чейин 3 күн мурда жолдонот.

Күн тартибинин долбоору айыл өкмөтүнүн маалымат тактасында бир жолу жайгаштырылат, ошондой эле жергиликтүү калк таанышуусу үчүн айылдын ичинде жалпыга жеткиликтүү жерлерде жайгаштырылат” (ЖӨБЭММАнын 2013-жылдын 25-ноябрындагы № 01-24/65 буйругу менен бекитилген айылдык кеңештин Типтүү регламентинин 16, 17, 18 жана 36-бөлүмдөрү).

## Жергиликтүү кеңештердин жана Жогорку Кеңештин депутаттарынын ыйгарым укуктарынын мөөнөттөрү жөнүндө

**Бюджеттик каражаттарды рационалдуу пайдалануу жана бийлик вертикалдарынын жемиштүү жана иштиктүү өз ара мамилелерин камсыздоо үчүн жергиликтүү кеңештердин жана Жогорку Кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктарынын мөөнөттөрүн теңдештирсе болот?**

Бул идея ЖК депутаты К.БОКОЕВ демилгелеген "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоо жөнүндө" КР Мыйзамынын долбоорунда ордун тапты. Анда жергиликтүү кеңештин депутаттары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын башчыларынын (АӨ башчылары жана шаар мэрлери) мөөнөттөрү төрт жылдан беш жылга чейин көбөйтүлгөн. Ыйгарым укуктардын мөөнөттөрүн көбөйтүү аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын пландоо жана толук кандуу аткаруу үчүн жетиштүү убактылуу шарттарды түзүү, ошондой эле шайлоо процесстеринде бюджеттик каражаттарды үнөмдөө максатында сунушталган. Себеби өнүккөн өлкөлөрдүн тажрыйбасы көрсөткөндөй, "беш жылдык" программалоо жана башкаруунун дагы да туруктуу модели болуп эсептелет, жемиштүү иш үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү берет, муниципалитеттер үчүн экономикалык жактан ыңгайлуу жана ЖӨБдүн аткаруучу жана өкүлчүлүктүү органдарынын туруктуулугун жогорулатууга жол берет.

Мыйзам долбоору Жогорку Кеңеште биринчи окууда кабыл алынгандан кийин республиканын бардык облустарында парламенттик угуулар түрүндө талкуудан өттү. Бул талкууларга ЖК, жергиликтүү кеңештердин депутаттары, АӨ башчылары, жарандар ж.б. катышты. Мыйзам долбоору аягына чейин даярдалуу процессинде турат жана Жогорку Кеңештин экинчи окуусуна кароого жиберилди.

# ЖӨБ органдарынын жергиликтүү жамааттар менен өз ара аракеттенүүсү жана жашоо-тиричиликти уюштуруу

## ЖӨБ органдары берген сыйлыктар жөнүндө

**Жергиликтүү кеңеш буга чейин берилген сыйлыктарды, мисалы, "Айыл аксакалы" сыйлыгын чакыртып алууга (алып коюуга) укугу барбы?**

Мыйзамдарда жергиликтүү кеңештердин сыйлыктарды уюштуруу, ыйгаруу жана ажыратуу тартиби каралган эмес. Анткен менен мунун мыйзамдарда болбогону ЖӨБ органдары жергиликтүү деңгээлде сыйлыктарды уюштура албайт, ыйгара албайт жана ажырата албайт дегенди билдирбейт. Ар бир жергиликтүү кеңеш жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүн сыйлоо жөнүндө Жобону иштеп чыгып, бекитүү менен бул тартипти өзү аныктай алат. Эгерде жергиликтүү кеңештин бул Жобосунда сыйлыктан ажыратуу маселеси каралбаса, анда Жобого тийиштүү жол-жоболорду киргизгенден кийин бул маселени жергиликтүү кеңеш карай алат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан кабыл алынуучу сыйлоо чаралары тийиштүү айылдык аймактын жергиликтүү жамаатынын Уставы менен да жөнгө салынат. Жергиликтүү жамааттардын мүчөлөрүн сыйлоо жөнүндөгү жобо ЖӨБЭММАнын 2014-жылдын 4-мартындагы №.01-24/19 буйругу менен бекитилген жергиликтүү жамааттын Типтүү уставында белгиленген (IV глава, 31-п.).

## Жергиликтүү жамааттын эски уставы жөнүндө

**2008-жылы курултайда кабыл алынган жана айылдык кеңеш бекиткен жергиликтүү жамааттын Уставы юридикалык күчкө ээби (ЖӨБЭММАнын буйругу менен Типтүү уставдын жаңы редакциясы бекитилгенге чейин)?**

Жергиликтүү жамааттын Уставы мыйзамдарга ылайык кабыл алынса жана айылдык кеңеш анын күчү жоголду деп таанытбаса, анда ал юридикалык күчкө ээ. “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамынын 15-беренесине жана КРнын башка мыйзамдарына ылайык, жергиликтүү жамааттын Уставы:

- аталган айылдык аймактын жашоочулары менен талкууланууга тийиш;
- жергиликтүү жамааттын КР мыйзамдарына каршы келбеген сунуштары, эскертүүлөрү жана сунуштамалары каралып чыгып, киргизилиши керек;
- жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиясынын жыйналышында жана жергиликтүү кеңештин сессиясында каралып, бекитилиши керек;
- жергиликтүү кеңештин токтомдорун каттоо үчүн белгиленген тартипте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында милдеттүү каттоодон өтүшү керек;
- жергиликтүү жамааттын Уставын бекитүү жөнүндө жергиликтүү кеңештин токтому жарыялануугa тийиш жана анда бекитилген Уставдын тексти кошо жарыяланат;
- расмий жарыялангандан кийин жергиликтүү жамааттын Уставын бекитүү жөнүндө жергиликтүү кеңештин токтомунун көчүрмөсүнө Уставдын тексти тиркелип Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизилет (КР Юстиция министрлигинин аймактык бөлүмдөрүнө жиберилет).

Буга ылайык, эгерде жогоруда аталган бардык талаптар аткарылса, ал эми айылдык кеңеш уставды күчүн жоготту деп таанытбаса, анда 2008-жылкы үлгүдөгү устав колдонууда деп саналат. Анткен менен, уставды жакшыртуу, анын жамааттын жашоосуна тийгизген таасирин күчөтүү максатында уставдын эски редакциясынын ЖӨБЭММАнын 2014-жылдын 4-мартындагы № 01-24/19 буйругу менен бекитилген жаңы Типтүү уставга шайкештигин кайра карап чыгуу сунушталат.

## Ветеринардын кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди бекитүү жөнүндө

**Жергиликтүү кеңеш райондук ветеринардык башкармалык тарабынан жергиликтүү фермерлер үчүн сунушталган ветеринардык тейлөө кызмат көрсөтүүлөрү үчүн тарифти беките алабы? Райондук Ветеринарлар ассоциациясы район боюнча ветеринарлардын кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифти эсептеп чыккан. Бул сумманы ким макулдашып же бекитиши керек?**

“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамынын 31-беренесине ылайык, ветеринардык кызмат көрсөтүүлөр үчүн тарифтерди бекитүү жергиликтүү кеңештин компетенциясына кирбейт. Мамлекеттик органдар, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестри (тизмеси) бар. Ал КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы №85 токтому менен бекитилген. Бул реестрде акынын негизинде жана акысыз ветеринардык кызмат көрсөтүүлөрдүн толук тизмеси берилген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы №637 Токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр (жумуштар) үчүн акынын өлчөмүн аныктоо Тартибине ылайык, мамлекеттик органдардын ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрү, мекемелери көрсөтүүчү акынын негизиндеги кызмат көрсөтүүлөргө (жумуштарга) тарифтер (баалар) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик монополияга каршы органдын аймактык бөлүмдөрү менен макулдашуу боюнча ветеринария чөйрөсүндөгү тийиштүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилет.

Буга ылайык, Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр реестрине кирген мамлекеттик ветеринардык кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтерин Кыргыз Республикасынын мамлекеттик монополияга каршы органдын аймактык бөлүмдөрү менен макулдашуу боюнча Мамлекеттик ветеринария департаменти бекитиши керек.

## Малды идентификациялоого тарифтер жөнүндө

**Кайсы документтердин негизинде малды идентификациялоо үчүн акынын өлчөмү түзүлөт?**

Тилекке каршы бүгүнкү күндө КР Өкмөтү тарабынан малды идентификациялоо кызмат көрсөтүүлөрү үчүн конкреттүү баа белгиленген эмес. КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 5-декабрындагы №694 токтому менен бекитилген Жаныбарларды идентификациялоо эрежелеринде төмөнкүдөй деп көрсөтүлгөн: жаныбарларды идентификациялоо мезгилинде жаныбардын ээси аткаруучуга - ветеринардык дарыгерге идентификациялоо боюнча кызмат көрсөтүү үчүн акы, ошондой эле биркалардын, чиптердин жана идентификациялык күбөлүктүн наркын төлөйт. Учурда жаныбарларды идентификациялоону ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган ЖӨБ органдарынын жардамы менен Чүй облусунда Ысык-Ата районунда гана жүргүзүүдө. Ал жерде апробациялоо (сыноо) жүрүүдө. АӨ башчыларынын айтымында, ушул тапта жаныбарларды идентификациялоо боюнча акыны аныктоонун төмөнкүдөй тартиби колдонулуп жатат. Айыл өкмөтү ветеринардык дарыгердин кызмат көрсөтүүсү жана Идентификацияланган жаныбарлардын Бирдиктүү мамлекеттик реестрине маалыматтарды киргизүү үчүн айыл өкмөтүнүн кызмат көрсөтүүлөрү үчүн бааны чогулушта жергиликтүү жамаат менен макулдашат. Бул сумма 30 сом болот. Бул баага кошумча биркалардын, чиптердин жана идентификациялык күбөлүктүн иш жүзүндөгү наркы – 40 сом кошулат. Натыйжада пилоттук райондордо идентификациялоону өткөрүү боюнча кызмат көрсөтүү үчүн ар бир жаныбарга 70 сом төлөнөт.

# Ресурстарды жана жергиликтүү бюджетти башкаруу

## Жайыттар жөнүндө

**Жайыттар жөнүндө мыйзамда жайыттарды колдонгону үчүн акыны жергиликтүү кеңеш бекитиши керектиги көрсөтүлгөн. Жайыттарды колдонгону үчүн акыны бекитүү үчүн кандай документтер талап кылынат? Айылдык кеңеш жайыт комитетинин бюджетин бекитиши керекпи? Жайыт кеңеши бюджеттин аткарылышы тууралуу кеңеш алдында отчет бериши керекпи?**

“Жайыттар жөнүндө” КР Мыйзамынын 4-беренесине ылайык, тескөө укугун кошпогондо, мамлекеттик жайыт жерлерин башкаруу үчүн жоопкерчилик жана контроль жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүп берилет. Алар өз кезегинде жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча ыйгарым укуктарын жайыт пайдалануучулар бирикмесине өткөрүп берүүгө укуктуу.

Ошол эле маалда жергиликтүү кеңеш контролдоочу иш-милдеттеринин алкагында жыл сайын төмөнкүлөрдү бекитет:

- жайыттарды пайдалануу боюнча жамааттын пландарын,
- алардын аткарылышы тууралуу отчетторду,
- ошондой эле жайыттарды пайдалануу үчүн акыны.

Жайыт жерлерин пайдаланууга укук алуу үчүн акынын өлчөмү ар бир жайыт системасы жана жайыттарды пайдалануунун ар бир түрү үчүн жыл сайын жайыт комитети тарабынан оптималдуу жүктү эске алуу менен салыктын базалык ставкасынан кем эмес белгиленип, жайыт пайдалануунун жылдык пландарына киргизилет жана жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилет.

Жайыттарды пайдалануу үчүн акынын өлчөмү жайыттарды пайдалануу үчүн акыны белгилөө тартиби жөнүндө Типтүү жобого ылайык белгиленет (КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 7-июнундагы №307 Токтому).

Типтүү жобого ылайык, жайыттарды пайдалануу үчүн акынын өлчөмү жайыттардын аянтынын бирдигине оптималдуу жүктү, алардын инфраструктурасынын абалын, ошондой эле продуктивдүүлүгүн, алыстыгын жана башка факторлорду эсепке алуу

менен жыл сайын белгиленип турат.

Жайыттарды пайдалануу үчүн акыны бекитүүдө жергиликтүү кеңеш жайыт комитетинен зарыл документтерди талап кылууга укуктуу. Ал документтер жайыттарды пайдалануу үчүн акы аталган Типтүү жобонун талаптарын эсепке алуу менен белгиленгенин ырасташы керек.

Ошондой эле жеке жана юридикалык жактар жайытты мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдалана аларын унутпаш керек. Башкача айтканда:

- эс алуу үчүн;
- жапайы өскөн мөмө, жемиш, козу карын, башка тамак-аш продуктуларын жеке пайдалануу максатында чогултуу;
- дарылык-техникалык чийки затты чогултуу жана бал аарычылык;
- маданий-ден соолукту чыңдоочу, туристтик жана спорттук иш-чараларга катышуу.

Жайыттарды башка максаттарда пайдалануу үчүн акынын өлчөмү Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдаланууу укугун берүү тартиби жөнүндө Типтүү жобого ылайык белгиленет (КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 13-сентябрындагы №515 Токтому).

Жергиликтүү кеңеш жайыт комитетинин бюджетин бекитпей турганын, бирок жайыттарды пайдалануу укугу үчүн акынын көлөмүн бекитээрин белгилей кетүү зарыл. Жайыт жерлерин пайдалануу үчүн акы төлөөнүн жайыт комитетинин үлүшүн түзүүчү бөлүгү жайыттарды жана жайыт инфраструктурасын кармоого, жакшыртууга жана өнүктүрүүгө багытталат.

Жайыт жерлерин пайдалануу үчүн акы төлөөнүн жергиликтүү өз алдынча башкарууга тиешелүү жалпы үлүшүнүн үчтөн бир бөлүгүнөн кем эмеси салыктардын төлөмүн эске алуу менен жергиликтүү бюджетке которулат.



## Жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндө ЖӨБ органдарынын мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө

**Жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндө ЖӨБ органдарынын конкреттүү ыйгарым укуктары, милдеттери жана жол-жоболору кандай?**

Тилекке каршы, “Жер казынасы жөнүндө” КР Мыйзамынын 9-беренеси жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен жергиликтүү мамлекеттик администрациянын ыйгарым укуктарын бириктирип салган. Мыйзамдын бул беренесинде ошол ыйгарым укуктар жазылган, бирок ким, эмне үчүн жооп бере турганы көрсөтүлгөн эмес. Буга байланыштуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарыбы же жергиликтүү мамлекеттик администрациябы – кимиси төмөнкү маселелер маселелер үчүн жооптуу болгону белгисиз:

- лицензияда аныкталган мөөнөттөргө жер бөлүндүсүн жана жер бөлүгүн убактылуу пайдалануу укугун беришет;
- лицензиялык аянтка лицензиаттарды тоскоолдуксуз киргизүүнү камсыз кылат;
- пайдалуу кендерди өз алдынча казып алууну токтотот;
- жер казынасын геологиялык изилдөөдө же кендерди иштетүүдө пайдаланылган тоо-кен жана башка мүлктү жоюуну жана консервациялоону, ошондой эле жер бөлүктөрүн жана лицензиялык объекттерди рекультивациялоону контролдойт;
- административдик-аймактык бирдиктин чегинде жайгашкан лицензиялык объекттерге конкурстарды жана аукциондорду өткөрүү боюнча комиссиялардын ишине катышат;
- жер казынасын пайдалануу долбоорлорунун коомдук экологиялык экспертизасын уюштурат;
- жер казынасын пайдалануучулардын ишкердигине мыйзамсыз кийлигишүүсүн токтотуу максатында жергиликтүү калк арасында иш жүргүзөт;
- жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндө ушул Мыйзамга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка ыйгарым укуктарды ишке ашырат.

Мыйзам чыгаруучу ЖӨБ жана ЖМА ортосунда бул ыйгарым укуктарды бөлүштүрбөгөнү үчүн иш жүзүндө бул маселелер чечилбей калууда. Практикалык көз караштан алып караганда ЖӨБ органдарына жергиликтүү мамлекеттик администрация менен биригип, жогоруда аталган маселелерди чогуу чечүүнү гана сунуштай алабыз. Ал эми ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар жоопкерчиликти аныкташы керек.

# Кен казуучу компаниялардан жергиликтүү бюджетке түшкөн салыктар жана жыйымдар жөнүндө

**Айылдык аймактын чегинде жайгашкан кендерде инерттүү материалдарды казган компаниялар жергиликтүү бюджетке кандай салыктарды жана жыйымдарды төлөшү керек?**

Пайдалуу кендерди казган компаниялардан жергиликтүү бюджетке:

- жер казынасын пайдалануу үчүн салык (роялти);
- жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн төлөм түшөт.

Жер казынасын пайдалануу үчүн салык. Кыргыз Республикасынын 2017-жылга республикалык бюджети жана 2018-2019-жылдарга болжолу жөнүндө Мыйзамына ылайык, жер казынасын пайдаланганды гы үчүн салыктан (стратегиялык пайдалуу кендерди: алтынды, мунайды, газды кошпогондо, роялти) алардын иштетилген жери (жайгашкан орду) боюнча шаарлардын жана айылдардын тиешелүү жергиликтүү бюджеттерине - 50 пайыз өлчөмүндө чегерилет.

КР Салык кодексинин 310-беренесине ылайык, суу менен жабдууга адистештирилген уюмдарды кошпогондо, роялтинин ставкасы накталай түрдө алынуучу суунун көлөмүнө жараша белгиленет (табл. караңыз).

Роялтинин ставкасы төмөнкүлөрдү сатуудан түшкөн акчадан белгиленет:

1) запастарынын өсүшүн эске алуу менен алтынга, күмүшкө жана платинага:
   а) 10 тоннадан ашуун запастары бар кендер үчүн - 5 пайыз;
   б) 3төн 10 тоннага чейин запастары бар кендер үчүн - 3 пайыз;
   в) 3 тоннадан аз запастары бар кендер үчүн - 1 пайыз.
2) суу менен камсыздоочу адистешкен уюмдар үчүн - 5 пайыз;
3) гипске - 6 пайыз өлчөмүндө;
4) бетин каптоочу материалдарды өндүрүү үчүн табигый таштарга - 12 пайыз өлчөмүндө;
5) таш көмүргө, күрөң көмүргө - 1 пайыз өлчөмүндө.

Сатылган пайдалуу кендердин же аларды кайра иштетүү продуктуларынын ушул берененин 1 жана 2-бөлүгүндө каралбаган, роялти ставкалары Салык кодексинин 309-беренесинин 1-бөлүмүнүн 1-пунктуна ылайык эсептелген салык базасынын 3 пайыз өлчөмүндө белгиленет.

Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн төлөм. Салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө Мыйзам менен жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн төлөм белгиленген. Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн төлөмдү Кыргыз Республикасында пайдалуу кендерди издөөгө жана/же чалгындоого жана /же иштетүүгө укук алган жер казынасын пайдалануучу төлөйт.

Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн төлөмдүн суммасынын тартибин жана төлөө мөөнөттөрүн "Жер казынасы жөнүндө" КР Мыйзамына ылайык КР Өкмөтү белгилейт. Лицензияны кармоо үчүн төлөмдөрдөн сумма жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджетине түшөт. Эгерде лицензиялык аянтча же анын бир бөлүгү айылдык аймактын, шаардын чек арасына кирбесе, анда бул аянттагы жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн төлөмдөр республикалык бюджетке түшөт.

Лицензиат жер казынасын пайдалануу укугуна лицензия алган күндөн тартып 30 күндүн аралыгында жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны биринчи жылда колдонуу үчүн лицензиялык төлөмдү төлөөгө милдеттүү. Андан ары төлөм квартал сайын жүргүзүлүп турат. Жыл ичинде акынын жалпы өлчөмү айлар боюнча пропорционалдуу бөлүштүрүлөт жана лицензиат отчеттук кварталдан кийинки айдын 20сынан кийинки күндөн кечиктирбестен төлөйт.

| Пайдалуу кендер | Өлчөө бирдиги (салык базасы) | Ставка (пайыз же сом менен) |
|---|---|---|
| Ичүүчү суу катары куюштуруу үчүн минералдык жана тузсуз суулар | куб.м | 200 сом |
| Дартты дарылоо үчүн минералдык жана термалдык суулар | куб.м | 0,05 сом |
| Жылытуу үчүн термалдык суулар | куб.м | 0,12 сом |
| Ичүүчү тузсуз суулар | куб.м | 0,15 сом |
| Техникалык тузсуз суулар | куб.м | 0,10 сом |
| Айыл чарба өндүрүшү үчүн суулар | куб.м | 0,01 сом |

# Айыл өкмөтүнүн ишкердик ишмердүүлөгү жөнүндө

**Айыл өкмөтү сатып алынган айыл чарба техникасы (комбайндар, чөп чапкыч машиналар, таңгактоочу машиналар, трактор) менен жашоочуларга кызмат көрсөтүүдө кантип киреше таба алат?**

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органын кошкондо башкаруу органы ишкердик иши менен алектене албайт жана алектенбеши да керек! Тилекке каршы, бүгүнкү күндө ЖӨБ органдары жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен көңүл ачуучу имараттарды куруп, айыл чарба техникасын, атайын техниканы, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн колдонулбай турган жүк ташуучу машинелерди сатып алышууда. Аларды жергиликтүү бюджеттин кирешесин толуктоо максатында деген шылтоо менен ижарага беришүүдө. Анткен менен жергиликтүү тургундарга акынын негизинде айыл чарба техникасын берүү жолу менен акча табуу жергиликтүү өз алдынча башкарууга мүнөздүү болбогон функция катары каралат.

Бизнес мүнөзүндөгү кызмат көрсөтүүлөр ЖӨБ органдарынын компетенциясына кирбейт. Практика көрсөткөндөй, бизнес кызмат көрсөтүүлөр же калкка жардам берүү деген шылтоо менен жеринде жаңы коррупциялык схемалар түзүлүүдө. Биринчиден, жергиликтүү бюджетке кирешелердин түшүүсүн контролдоо механизми мыйзамдар менен так жөнгө салынган эмес. Экинчиден, ЖӨБ органдары өздөрүнүн негизги милдеттеринин чегинен чыгууда. Ал эми бул милдеттерге аймактын турмуш тиричилигин камсыздоо системаларынын иштешин жана өнүгүүсүн уюштуруу, калкка социалдык, маданий жана башка муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр кирет.

КР Конституциясынын 3-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш милдеттери менен ыйгарым укуктарын так ажыратуунун принциптерине негизденет; мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өз ыйгарым укуктарын элдин кызыкчылыгында жүзөгө ашырат.

КР Конституциясынын 5-беренеси мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын өзгөчө көңүлүн мамлекет жана анын органдары коомдун кайсы бир бөлүгүнө эмес, бүткүл коомго кызмат кылярына бурат. Мамлекет, анын органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары Конституцияда жана мыйзамдарда аныкталган ыйгарым укуктардын алкагынан чыга алышпайт.

Атүгүл КР Конституциясынын 110-беренеси жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө негиз салуучу аныктама берет. Ага ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу – жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарында жана өз жоопкерчилиги менен өз алдынча чечүүсүнүн Конституция менен кепилденген укугу жана чыныгы мүмкүнчүлүгү.

Жогоруда аталган конституциялык ченемдерден улам мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына тикелей ишкердик иши менен алектенүүгө тыюу салынганын белгилей кетүү зарыл.

Бирок мамлекеттик органдар жана ЖӨБ органдары "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" КР Мыйзамы менен белгиленген тартипте калкка акыга же акысыз мамлекеттик/муниципалдык кызмат көрсөтө алышат. Мындан тышкары ЖӨБ органдары сатып алган менчик (атайын техника) жергиликтүү жамааттын менчиги болуп эсептелет. Ал төмөнкүдөй жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн колдонулушу керек:

- калкты ичүүчү суу менен жабдуу,
- калктуу конуштарда канализация жана тазалоочу курулмалардын тутумунун ишин камсыз кылуу,
- калктуу конуштардагы муниципалдык жолдордун иштешин камсыз кылуу;
- жалпы пайдалануудагы жерлерге жарык берүүнү уюштуруу;
- көрүстөндөрдүн иштешин жана ырасым кызматтарынын көрсөтүлүшүн камсыз кылуу;
- жалпы пайдалануудагы жерлерди көрктөндүрүү жана жашылдандыруу;
- парктардын, спорттук курулмалардын жана дем алуу жайларынын иштешин камсыз кылуу;
- турмуш-тиричилик калдыктарын жыйноону, ташып кетүүнү жана керектен чыгарууну уюштуруу;
- муниципалдык транспорттун иштешин камсыз кылуу жана калктуу конуштардын чегинде коомдук транспорттун иштешин жөнгө салуу ж.б.

Ошентип жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тиешеси жок, пайда көрүү максатында техника сатып алуу же объекттерди куруу ЖӨБ органдарынын мыйзамсыз иши болуп эсептелет.

# Эстониядагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу




**Эстония муниципалитеттердин санын үч эсе азайтууну пландоодо. Жергиликтүү советтердин депутаттарына жаш курагынан жана жарандыгынан тышкары башка талаптарды коюшпайт. Жергиликтүү советтердин жыйналыштары он-лайн режиминде көрсөтүлөт. Эстониянын тажрыйбасынан Кыргызстан дагы кандай сабактарды алса болот? Швейцариянын өнүгүү жана кызматташтык боюнча башкармалыгы (ШӨКБ) каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун (мындан ары – ЭҮЖӨБОЖ Долбоору) алкагында уюштурулган окуу сапарынын катышуучулары ушул суроого жооп издешти. Сапарга КР Жогорку Кеңешинин депутаттары, КР финансы министринин орун басары, КР Финансы министрлигинин Коомдук кеңешинин төрагасы, КР Өкмөттүк аппаратынын кызматкерлери, ЖӨБЭММА, айыл өкмөт башчылары, ЖӨБ Союзунун кызматкерлери, ошондой эле Долбоордун өкүлдөрү 2017-жылдын 23-апрелинен 29-апрелге чейин Эстония Республикасында окуу сапары менен болушту. Сапар жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн оң тажрыйбасын, башкаруу органдарынын жарандар, борбордук бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракетин үйрөнүү максатында уюштурулду.**

**Алтынай БУЗУРМАНКУЛОВА,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун муниципалитеттер менен иштөө боюнча координатору

Кыргызстан үчүн жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү өтө маанилүү жана актуалдуу тема. Кээде бардык кыйынчылыктар аныкталып, эсептер аткарылгандай көрүнгөнү менен, негизги максатка – күчтүү жергиликтүү өз алдынча башкарууга жете элекпиз. Мындай учурларда бир нерсе айкын: реформаларды илгерилетүү үчүн аларды башка өлкөлөрдүн мисалында көрүү зарыл. Мындай учурларда кимдин тажрыйбасы зарыл маалыматты бере аларын аныктап алуу алда канча

маанилүү болот. Мында окшош маданият, салттар, тил жана албетте тарых чоң ролду ойнойт. Дал ошондуктан Швейцариянын өнүгүү жана кызматташтык боюнча башкармалыгы каржылаган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун алкагында уюштурулган окуу сапары Прибалтиканын чордонунда – Эстония Республикасында өттү.

Эстониянын тажрыйбасын үйрөнүүнүн алкагында Кыргызстандын делегациясы төмөнкүлөр менен таанышты:

- Эстониянын мамлекеттик жана жергиликтүү башкаруу системасы менен;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун функциялары жана милдеттери менен таанышты. Мында маморгандар менен ЖӨБдүн функцияларын жана ыйгарым укуктарын ажыратуу, ЖӨБго мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү маселелерине өзгөчө көңүл бурулду;
- ЖӨБдүн кирешелери менен чыгашаларын, бюджеттер аралык мамилелерди, теңдештирүү системасын кошкондо муниципалдык финансыны башкаруу маселелери менен;
- борбордук өкмөт менен ЖӨБ органдарынын атынан сүйлөшүү процесстеринде Ассоциациялардын ролун кошкондо, Жергиликтүү жана аймактын өз алдынча башкаруу ассоциацияларынын иши менен;
- Эстониянын административдик-аймактык реформасы (муниципалитеттерди ирилештирүү) менен;
- Эстониянын айрым шаарларынын (Маарду, Раквере, Пайде, Таллин шаарлары) ЖӨБ органдарынын иши менен таанышты.

Кыргызстандан барган делегация Эстониянын Шаарлар ассоциациясынын (Союзунун) кеңсесинде, Эстониянын Административдик реформалар министрлигинде, Эстониянын парламентинде, ошондой эле Маарду, Раквере, Пайде, Таллин шаарларынын мэрияларында болушту. Кыргызстандыктар Эстониянын Шаарлар союзунун директору жана кызматкерлери, административдик реформалар боюнча министр, парламент депутаты, шаар мэрлери жана алардын кызматкерлери менен жолугушту. Беш күн бою көптөгөн жолугушуулар уюштурулуп, окуу сапарынын катышуучулары эстониялык кесиптештерине түрдүү суроолорду узатып, реформанын артыкчылыктары менен кемчиликтерин, алар башынан өткөргөн кыйынчылыктарды талкуулоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. ЖӨБ органдарынын чарбалык ишине, муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө жана калкты тейлөөгө тиешелүү маселелер, жарандардын жеринде чечим кабыл алууга, бюджеттик процесске катышуу практикасы талкууланды. Программа Кыргызстан менен Эстониянын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун өнүгүү жолдорун салыштырууга жардам берди. ЖӨБдүн кызыкчылыктарын коргоого карата мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу (ассоциациялар) ортосундагы сүйлөшүү процесси катышуучулар арасында өзгөчө кызыгууну жаратты. Ошондой эле муниципалитеттердин саясий, административдик жана финансылык өз алдынчалуулугу, билим берүү, саламаттык сактоо жана калкты социалдык жактан коргоо чөйрөлөрүндө өз алдынча башкаруу аткарган, бирок республикалык бюджеттен каржыланган функциялар, республикалык бюджеттен каржыланган муниципалитеттерди теңдештирүү механизмдери, ошондой эле электрондук башкаруу системасы кызыгууну пайда кылды.

**Бек ЖЕКШЕМБИЕВ,**
**Чүй облусундагы Юрьевка АӨ башчысы:**

*"Мени мамлекеттик органдардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жасаган мамилеси өзгөчө таң калтырды. Б.а., алардын Конституциясында жазылгандай, мамлекет муниципалитеттердин саясий, административдик жана финансылык өз алдынчалуулугу үчүн реалдуу шарттарды түзүп берген. Муниципалитеттер мыйзамдарга жана жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыгына ылайык функцияларды гана аткарышат. Мамлекеттик органдардан ашыкча тапшырмалар түшпөйт экен. Маморгандардын жана ЖӨБ органдарынын бардык маселелери (функциялары жана ыйгарым укуктары) ажыратылган жана эң негизгиси – финансылык жактан бекемделген. ЖӨБго жаңы тапшырмаларды берүү зарылчылыгы пайда болгон учурда мамлекеттик органдар Ассоциациялар менен биргеликте жаңы функцияны өткөрүп берүү мүмкүнчүлүгү тууралуу чечим кабыл алып, бул кайсы каражаттардын эсебинен каржыланарын, ким аткарарын ж.б. чечишет. Муниципалитеттер кадрдык маселелерди өздөрү чечишет: кимди ишке алыш керектигин чечип, мэрия аппаратынын (волосттун) түзүмүн жана штаттык санын аныктап, өздөрүнүн муниципалдык кызматчылары үчүн айлык акынын өлчөмүн белгилешет. Муну менен өз ишине тиешелүү бардык маселелер боюнча толук көз карандысыздыкка ээ экен".*

Жарым кылымдан ашык убакыт бою Кыргызстан жана Эстония бирдиктүү мамлекеттин курамында болуп, экономикасы пландалып, Москвадагы борборго толугу менен баш ийип келген. Бирок Союз жоюлгандан бери 25 жылдан ашык убакыт өтүп, СССРге мүчө болгон мамлекеттер ар башка жолго түшүштү. Эстония эмнеге жете алды жана кандай мамлекеттик реформалар жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө жардам берди? Буга узак жана көп күчтү талап кылган эмгек гана көмөктөштү.

Эстонияда ЖӨБдүн өнүгүү тарыхы Кыргызстан-

**Нурбек АЛИМБЕКОВ,**
**КР Жогорку Кеңешинин депутаты:**

*"Электрондук башкаруу менен камсыздалган кайрылуунун электрондук формалары аркылуу жеринде чечим кабыл алууга жарандардын катышуусу жогорку деңгээлде болгонун белгилегим келет. Эстониянын бүтүндөй аймагы жогорку ылдамдыктагы жана сапаттуу интернет менен камсыздалгандыгы жергиликтүү жашоочуларга муниципалитеттердин, мамлекеттик органдардын бардык жыйналыштарына жана чогулуштарына электрондук режимде эркин катышууга мүмкүнчүлүк берет экен. Көпчүлүк мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр электрондук режимге өткөрүлгөн. Калк дагы өз мэрине же депутаттарга кайрылганда көп учурда социалдык тармакты колдонот. Мындай ыкма чындап эле өзүн актайт.*

*Анткени элетрондук башкарууда муниципалитеттер, б.а. ЖӨБ органдары жана жарандар биринчиден, убакытты, финансыны жана башка ресурстарды үнөмдөйт. Экинчиден, бардык маалыматтар жарандарга жеткиликтүү, ар бир жаран ага зарыл болгон кызмат көрсөтүү үчүн өзүнө ыңгайлуу болгон учурда кайрыла алат. Ал баласын бала бакчага кезекке тургуза алат же болбосо кайсы көчөлөрдүн кесиишинде жол бузулганын айта алат ж.б. Бул чыныгы "Бирдиктүү терезе" кызматы.*

*Эстонияда электрондук Өкмөт системасы мыкты иштейт: ар бир жаран тууралуу бардык маалымат алардын электрондук (биометрикалык) паспортторунда сакталган, бул маалымат бардык мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерге жеткиликтүү, алар конкреттүү жаран жана берилген кызмат көрсөтүү, суроо-талапка же даттанууга реакция жасоо тууралуу зарыл маалыматтарды ыкчам алалышат. Шайлоодо электрондук добуш берүү процессин жакшы тажрыйба деп эсептейм.*

*Мында ар бир жаран шайлоо участогуна келип отурбай эле, үйүнөн мобилдик телефон аркылуу добуш бере алат.*

*Менимче, Кыргызстанда бул багытта ишти күчтөндүрүү зарыл. Себеби бул кызмат көрсөтүү мөөнөттөрүн кыскартып, алардын сапатын арттырат, жарандарга ЖӨБ органдарын кошкондо бийликтин ар бир жашоочу – салык төлөөчү алдындагы реалдуу отчеттуулугун сезүүгө жол берет".*

га караганда бай болгонун белгилей кетүү зарыл. Эстониянын Шаарлар ассоциациясы 1920-жылы эле негизделгени, үч жылдан кийин жүз жылдык маарекесин белгилей турганы эле канча нерседен кабар берип турат!

Бүгүнкү Эстония – бул экономикалык пландан алганда да, административдик-аймактык жактан да ыкчам өнүгүү жолуна түшкөн өлкө. Эстония Республикасынын аймагы чоң деле эмес – 45 227 чарчы километр, калкынын саны – 1 352,3 миң киши. Эстония – демократиялык парламенттик мамлекет, мында негизги бийлик парламент мүчөлөрүнүн – рийкикогу (эстон тилинен "мамлекеттик чогулуш" деп которулат) жана аны менен катар парламент төрагасынын колунда топтолгон. Ушуну менен бирге өлкө президенти башка мамлекеттер менен дипломатиялык мамилелерди орнотууда жана колдоодо, өлкөнүн жана анын жарандарынын биримдигин бекемдөөдө маанилүү ролду ойнойт. Өлкө парламентинин мүчөлөрү партиялык тизме боюнча төрт жылдык мөөнөткө шайланышат. Бирок өзүн өзү көрсөтүү мүмкүнчүлүгү да каралган. Калкынын саны анча көп эмес өлкө үчүн депутаттардын саны бир топ эле көп болгонун жана 101 кишиден турганын белгилей кетүү зарыл. Эстон парламентарийлери өздөрү да жакынкы келечекте мандаттардын санын кыскартуу зарылчылыгы тууралуу коомчулуктун пикирин колдошот.

Эстониянын Шаарлар ассоциациясынын эксперттеринин баамында, Эстония Республикасынын түптөлүү этаптарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын бекемдөө маанилүү ролду ойногон. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө азыркы Мыйзам 1993-жылы, ал эми Жергиликтүү өз алдынча башкаруу Советтерине шайлоо жөнүндө Мыйзам 1996-жылы кабыл алынган. Эстонияда 213 муниципалитет бар, алардын отузу шаар болсо, 183ү – элеттик волосттор. Жергиликтүү бийлик аткаруучу органдын – мэриянын же волость администрациясынын жана мыйзам чыгаруучу органы – воликогунун (жергиликтүү совет) колунда топтолгон. Эстониянын эли төрт жылда бир жолу жергиликтүү депутаттарды шайлайт, ал эми алар болсо өз кезегинде мэрди же волосттук старостаны шайлашат. Ушуну менен бирге депутаттыкка талапкерлерге үч гана талап коюлат. Талапкер 18 жашка толуп, жоюлбаган соттуулугу болбой, Эстониянын жараны болушу керек. Мындан башка кошумча талаптар жок. Башкача айтканда билимине, иш тажрыйбасына, өзгөчө жөндөмдүүлүктөрүнө минималдуу талаптар коюлган эмес. Эгерде талапкердин, атүгүл, орточо билими жана кайсы бир чөйрөдө минималдуу иш тажрыйбасы болбосо кандай болуп калат деген суроого эстон саясатчыларынын жообу даяр. Алар мындай талапкерди калк колдобой турганын айтышат. Анткени депутат алардын кызыкчылыгын коргоп, дискуссияга түшүп, муниципалитеттин өнүгүүсүнө тиешелүү маанилүү маселелерди талкуулап, бюджетти кабыл алышы керектигин, демек билимсиз жана компетентсиз адам болууга акысы жок экенин ар бир шайлоочу түшүнүп турат. Мындай жөнөкөйлөштүрүлгөн

**Бакыт САТЫБЕКОВ, КР Финансы министрлигинин Коомдук кеңешинин төрагасы:**

*"Мага интернетти колдонуу аркылуу (электрондук дарек, социалдык тармактар) калк менен өз ара аракеттенүү кантип жүзөгө ашырылып жатканы өзгөчө жакты. Таллин шаарында электрондук ID же мобилдик ID колдонуу менен электрондук кызмат көрсөтүүлөр кантип иштегенин көрүү абдан пайдалуу болду.*

*Эстонияда көргөндөрдүн ичинен бизде электрондук кызмат көрсөтүүлөрдү жана калк менен кайра байланыш системасын жайылтуу керек деп эсептейм.*

*Өз ишимде мен чечим кабыл алуу процесстерине жарандарды тартуунун элементи катары интернеттин мүмкүнчүлүктөрүн колдонуп, калк менен өз ара аракеттенүү боюнча Эстониянын ЖӨБ органдарынын усулдарын колдонууга үгүттөйм".*

талап шаар мэринин, волосттук старостанын кызматына өзүн көрсөткөн талапкерлерге да коюлган.

Аткарылган иш тууралуу мэр жыл сайын жергиликтүү депутаттарга отчет берип турат. Ал эми калкты маалымдоо тууралуу айта турган болсок, мында баары бир кыйла жөнөкөй. Биз үчүн көнүмүш болуп калган чогулуштар, коомдук угуулар Эстонияда чанда гана өтүп калды. Эстония Республикасы электрондук түзүлүштөрдү жана бүткүл дүйнөлүк интернет желесин колдонууда Евробиримдиктин аймагындагы эң алдыда бараткан өлкөлөрдүн катарына кирет. Муниципалитеттер, анын ичинде Маарду, Раквере жана Таллин шаарлары жергиликтүү советтердин жыйналыштарын он-лайн режиминде көрсөтүп турат. Ошондуктан ар бир жашоочу эл өкүлдөрү эмне тууралуу сүйлөшүп, кандай маселелерди талкуулап жатканын көрө алат. Эстонияда бир нече жылдан бери жарандардын электрондук кайрылуу жана кайра байланыш системасы иштеп келатат. Өз даттанууларын, сунуштарын жана ой-пикирлерин жергиликтүү жашоочулар администрацияга электрондук почта менен жибере алышат же шаардын мэриясынын же волосттун администрациясынын социалдык тармактагы баракчасына жаза алат. Мэриянын кызматкерлери бардык түшкөн кайрылууларды, даттанууларды, сунуштарды карап чыгып, даттануунун себебин жоюу үчүн тийиштүү кызматтар арасында бөлүштүрүшөт. Андан кийин аткарылган иш тууралуу маалымат кайра эле башкаруу органынын сайтында жайгаштырылат.

Система жолго салынган жана иштеп жатат. Анткен менен улам өсүп жаткан керектөөлөр кошумча ресурстарды талап кылат. Ал эми алар болсо дайыма чектелүү. Ошондуктан башкаруу системасы улам өркүндөтүлүп, аны оптималдаштыруу – бул бүгүнкү күндө Эстониядагы реформалардын башкы темасы. Айталы, 2016-жылдын июнь айында Эстониянын парламенти "Жергиликтүү өз алдынча башкаруулардын административдик реформасы жөнүндө" Мыйзамды кабыл алган. Ал ошол эле жылдын 1-июлунда күчүнө кирген. Бул Мыйзамга ылайык, муниципалитеттер биригиши керек жана бир муниципалитеттин аймагында жашаган адамдардын минималдуу саны 5 миң кишиден кем болбошу керек. Муниципалитеттерди ирилештирүү процессинде Өкмөт 2017-жылдын соңунда 213 муниципалитеттен 75 же 78ди түзүүнү пландоодо. Мындай реформаларга зарылчылык бир нече себептерден улам жаралды. Биринчи кезекте бул демографиялык кризиске байланыштуу. Европанын көпчүлүк өлкөлөрүндөй эле Эстониянын калкынын саны жыл сайын кыскарууда, ал эми жашоочулардын орточо жаш курагы улам жогорулап жатат. Айрым бир учурларда миңден бир аз ашкан сандагы адамдарды тейлеген ЖӨБ органынын аппаратын күтүү чыгашалуу жана пайдасыз болууда. Ошону менен бирге жашоочулардын саны 5 миңден аз муниципалитеттердин саны Эстониядагы ЖӨБдүн жалпы санынан 81% түзөт. Муниципалитеттин бюджети эки негизги салыктын эсебинен – киреше жана жер салыктарынан түзүлөөрүн эске алганда, жергиликтүү казынага акча жылдан жылга аз түшүүдө. Жергиликтүү бюджеттин каражаттары ЖӨБ органдарынын кызматкерлеринин маянасына жана шаардын/волосттун минималдуу муктаждыктарына араң эле жетүүдө. Дал ошондуктан реалдуу экономикалык пайда табуу үмүтүндө бир нече муниципалитетти бириктирүү аркылуу аларды оптималдаштыруу маселеси курч турат. Бир нече бюджеттерди бириктирүү менен олуттуу маселелерди чечип, бюджеттик акчаны масштабдуу долбоорлорго инвестициялап, жаңы жумуш орундарын түзүп, ЖӨБдүн функцияларын талаптагыдай аткарууга жол ачылат.

Административдик реформа тууралуу Мыйзамды аткаруунун өзүнүн так мөөнөттөрү бар болгондуктан, Эстониянын Өкмөтү жергиликтүү өз алдынча башкарууга эки жолду сунуштады: биринчиси – негизги критерийлерге жетүү үчүн кошуна муниципалитеттердин ыктыярдуу бирикмесин караштырат. Мындай учурда жергиликтүү бюджетке кошумча каражат түшөт. Ал эми ыктыярдуу биригүүнү каалабагандар жаңы чек аралар жана жаңы жергиликтүү жамааттардын мүчөлөрү (муниципалитеттер) тууралуу борбордук өкмөттүн чечимдерин кабыл алууга мажбур болушат. ЖӨБ органында бир жылдан кем эмес иштеген жана муниципалитеттердин биригүүсүнүн натыйжасында иш орундарынан ажырай турган ЖӨБ органдарынын жетекчилери (мэрлер, волосттук старосталар (КРдагы АӨ башчыларынын аналогу) жана советтердин төрагалары) үчүн компенсация каралган. Алар жаңы түзүлө турган ЖӨБ органында ишке орношушу мүмкүн.

Мындан тышкары жаңы кабыл алынган Мыйзамга ылайык, 2018-жылдын 1-январынан тарта

өлкөнүн уезддик управалары (КРдагы райондук мамлекеттик администрациялардын аналогу) жоюлат. Ушуну менен бирге управалардын милдеттери тармактык министрликтер жана ЖӨБ органдары ортосунда бөлүштүрүлөт. Уезддердин өздөрү болсо административдик бирдик катары сакталып кала берет. Мында дагы мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрү калат жана алар калкка зарыл кызматтарды көрсөтүүнү улантышат. Бул уезддик борборлордо кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн жогорулатууга жана мекемелер менен бөлүмдөрдү борбор калаадан элеттик шаарлардын жана волосттордун жашоочуларына жакыныраак көчүрүүгө жардам берет. Муну менен мамлекеттик түзүмдөрдүн кеңселери мурдагыдан да мобилдүү жана жеткиликтүү болуп калат.

Мындай "позитивдүү" божомолго карабастан өкмөттө да, жеринде да реформаларга каршы чыккандар аз болгон жок. Жашоодогу өзгөрүүлөр, өзгөчө административдик-аймактык бирдиктерде реформалар кандайдыр бир деңгээлде кооптуу болгонуна карабастан эстон өкмөтү жана ЖӨБ мындай өзгөрүүлөрдүн оң натыйжасын жарандар жакынкы келечекте сезээрине ишенишет.

Эстонияда ЖӨБдүн ыкчам жана этап-этабы менен өнүгүүсүн эске алуу менен, географиялык абалында, бюджетте, шаарларды жана волостторду кошкондо муниципалитеттердин этностук курамында айырмачылыктар көп болгонуна карабастан алар кандай багытта баратканына, өз кызыкчылыктарын коргогонуна жана мамлекеттик органдар менен сүйлөшүүлөрдө мунаса таап жатканына таң каласың. Мындай учурда бир гана жооп бар – ЖӨБго эки өзөктүк уюм жардам берүүдө. Алар: Эстониянын Шаарлар ассоциациясы жана Элеттик волосттор ассоциациясы. Алар да административдик-аймактык реформалардын натыйжасында биригүү алдында турушат. Себеби көптөгөн волосттук управалар шаарлар менен биригип, муниципалитеттин бир аймагына ээ болушат.

Эстониянын Шаарлар Ассоциациясы (ЭША) ЖӨБ системасын өнүктүрүүдө жалпысынан маанилүү ролду жана муниципалитеттердин өз алдынчалуулугуна, өнүгүүсүнө укуктарын коргоодо өзөктүк ролду ойнойт. Жети кишиден турган Башкаруу Ассоциациянын ишин жетектейт, өкмөт менен сүйлөшүүлөрдө ЖӨБдүн кызыкчылыктарын коргойт жана кварталына 2 жолудан кем эмес аткарылган иштердин жүрүшү тууралуу отчет берүү үчүн Башкаруунун мүчөлөрүнүн чогулушун өткөрүп турат. Ушуну менен бирге ЭША төрт жылда бери дегенде бир жолу (воликогунун депутаттарын шайлоо ортосундагы мезгил) аткарылган жумуштар тууралуу ЭШАнын бардык мүчөлөрү алдында отчет беришет. ЭШАнын иши шаарлардын мүчөлүк төгүмдөрүнүн – Ассоциация мүчөлөрүнүн эсебинен каржыланат. Ошондой эле Элеттик волосттордун ассоциациясы да маанилүү ролду ойнойт, алар да Эстониянын борбордук бийлиги менен сүйлөшүү процесстерине катышат.

**Кенжебек БОКОЕВ,**
**КР Жогорку Кеңешинин депутаты:**

*"Программа абдан каныккан жана мазмундуу болду. Ушундай мүмкүнчүлүктү түзүп берген уюштуруучуларга ыраазылыгымды билдирем. Советтер Союзу урап, эгемендик алган күндөн бери Эстония жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүдө ушунчалык алдыга кеткенине кубанычтамын. Бирок эки өлкө тең бир мамлекеттин курамында болуп, алардын басып өткөн жолу, өнүгүү линиясы дээрлик бирдей болчу. Биз да өз өлкөбүздө бюджеттөөнүн эки деңгээлдүү системасына өттүк жана децентралдаштыруу чөйрөсүндө реформаларды илгерилетүүгө, административдик-аймактык реформаны жүргүзүүгө аракеттенип жатабыз. Мага административдик реформа тууралуу атайын Мыйзамды кабыл алуу менен административдик реформаны илгерилетүүдө Эстония тандаган жол абдан жакты. Биз да бул тууралуу ойлонуп көрүп, ушундай Мыйзамды иштеп чыгышыбыз керек деп эсептейм. Балким ошондо бизде да реформалар тез ишке ашмак. Эң негизгиси – бийлик мамлекеттик органдар жана ЖӨБ органдары ортосундагы өз ара мамилелер системасын туура түзө алган. Б.а., саясий, административдик жана финансы чөйрөлөрүндө өз маселелерин чечүүдө муниципалитеттерге автономдук өз алдынчалуулукту толугу менен берип, алардын маселелерин жана жоопкерчилигин так ажыраткан. Албетте биздин өлкөдө да ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктарын ажыратуу жана аларга мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү чөйрөсүндө бир катар мыйзамдар кабыл алынып жатат. Бирок, тилекке каршы, биз каалагандай тез илгерилебей келүүдө. Эстонияда мындай өнүгүүдө Жергиликтүү өз алдынча башкаруу ассоциациялары (шаарлардын, волосттордун) керектүү жана маанилүү ролду ойноду. Алар борбордук бийлик менен муниципалитеттер ортосунда ортомчу катары чыгып, көптөгөн позитивдүү өзгөрүүлөрдү киргизип, өз алдынча башкаруулардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргой алышты. Кыргызстан бул институтка өзгөчө көңүл бурушу керек, Муниципалитеттер ассоциациясынын ишин күчөтүү зарыл. Анда өзгөчө статусу жана жогорку потенциалы болушу абзел. Ошондуктан Кыргызстандагы жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө багытталган реформаларды илгерилетүү жаатында көптөгөн аракеттерди жумшап, бир топ иштерди жасашыбыз керек".*

# Коомдук иш-чаралар (чогулуштар, коомдук угуулар) маалында туура түзүлгөн Протокол жарандар менен жергиликтүү бийлик ортосунда ишенимди жана кызматташтыкты жогорулатат



**Гуляим ШАМШИДИНОВА,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун мыкты практика боюнча адиси, ӨСИ

**Ысык-Көл, Жалал-Абад жана Чүй облустарындагы максаттуу муниципалитеттер менен Швейцариянын өнүгүү жана кызматташтык боюнча башкармалыгы каржылаган, Өнүктүрүү саясат институту аткарган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун (мындан ары – Долбоор) жети жылдык кызматташуусунун натыйжасында 41 элеттик жана бир шаардык муниципалитетте чогулуштар жана коомдук угуулар (КУ) өндүү бир топ коомдук иш-чаралар өткөрүлдү. Калктын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу формасы катары коомдук иш-чаралар түз демократиянын саясий-укуктук аспабы жана жергиликтүү бийликтин ишинин легитимдүүлүгүнүн социалдык ресурсу болуп эсептелет. Ар бир өткөрүлгөн чогулуштун жана КУнун натыйжасы жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө ЖӨБ органдары тарабынан чечим кабыл алууга тикелей таасирин тийгизет. Ошондуктан бардык талап кылынган жол-жоболорду аткаруу жана иш-чаралардын жыйынтыктарын туура тариздөө, көтөрүлгөн жана талкууланган бардык маселелерди, эң негизгиси – чогулуштун же КУнун Протоколуна (мындан ары – Протокол) түшкөн сунуштарды объективдүү чагылдыруу коомдук иш-чараларды өткөрүү процессинде өтө маанилүү учур болуп эсептелет.**

Долбоордун максаттуу муниципалитеттеринде чогулуштарды жана КУларды өткөрүү практикасы көрсөткөндөй, ЖӨБ органдары коомдук иш-чараларды протоколдоштуруу процессине жетиштүү көңүл бурушпайт. Ошондуктан протоколдор сапатсыз толтурулат, аларда эмне үчүн чогултулду жана жыйынтыгы кандай болду деген негизги идея жок. Мисалы, кээде Протоколго узун баяндамалар же сөз сүйлөгөндөрдүн отчеттору беш жана андан ашык барак болуп автоматтык түрдө көчүрүлөт. Бирок алар боюнча эч кандай талкуулар жана чечимдер көрсөтүлбөйт. Башка бир учурларда тескерисинче, иш-чаранын реквизиттерин жана программасын гана киргизип коюшат, эң негизгисин кургак тил менен, кыска жана үзүп-үзүп баяндап, эч нерсе тиркелбей калат (сөз сүйлөгөндөрдүн баяндамалары, докладдары). Мындай протоколдордо эң негизгилерин табуу мүмкүн эмес: жергиликтүү жамаат тарабынан кандай маселелер көтөрүлдү, кантип жана эмнелер талкууланды, кандай чечимге келишти жана кантип жыйынтыкталды. Ошондуктан протоколдорду окуп жатканда чогулуш же КУ көйгөйдү объективдүү талкуулоонун ордуна формалдуу түрдө өттү, алдын ала белгилүү чечимдерди формалдуу жактыруу үчүн колдонулду деген ой кетет. Б.а., коомдук иш-чараларды өткөрүү максатына жетпей калды. Протоколдо коомдук иш-чараларга “ЧЕЙИН”, “ПРОЦЕССИНДЕ” жана “АНДАН КИЙИН” бардык даярдоо иштеринин жыйынтыктары чагылдырылышы керек.

**Жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарында жана өз жоопкерчилиги менен өз алдынча чечүүсүнүн Конституция менен кепилденген укугун ишке ашырууга умтулган ЖӨБ органдарына жана жергиликтүү жамааттардын жигердүү өкүлдөрүнө арналган “Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуусу” окуу материалдар топтомунун алкагында 2015-жылы КРнын элеттик муниципалитеттеринин тажрыйбасына негизделген “Коомдук иш-чаралар (чогулуштар, жыйындар жана коомдук угуулар) жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун формасы катары” практикалык окуу китеби иштелип чыккан. Окуу китеби практикалык мүнөзгө ээ жана ЖӨБ органдарына өз жамааттары үчүн коомдук иш-чараларды уюштуруунун жана өткөрүүнүн сапатын жогорулатуу мүмкүнчүлүгүн берет. Анда коомдук иш-чаралардын жана коомдук угуулардын протоколдорунун үлгүлөрү мисал катары кеңири берилген. Бул окуу китеби Долбоордун финансылык колдоосу менен даярдалып, басып чыгарылган. Окуу китеби менен кененирээк Долбоордун сайтынан таанышсаңыз болот: http://vap.kg/upload/file/III_Block_Publichnye_meropriyatiya_RUS.pdf**

Бул даярдык канчалык жакшы даярдалса, чогулуш же КУ ошончолук конструктивдүү өтөт. Ал эми жакшы түзүлгөн Протокол кайтарым байланышты камсыздап, ЖӨБ органдары тарабынан андан ары туура жана эффективдүү чечимдерге карай шилтенген алгачкы кадам болуп эсептелет. Бирок практикада ар кандай болуп калат. Мисалы, бардык даярдык иштери жана иш-чара процесси жогорку деңгээлде өткөнү менен, Протоколдо анын бири да чагылдырылбашы мүмкүн. Бул ЖӨБ органдары тарабынан компетентсиз чечимдерди кабыл алуунун себепчиси болуп калат. Демек бардык жасалган иштер майнапсыз жана пайдасыз болуп, эң негизгиси жергиликтүү жамаатка зыянын тийгизет.

Коомдук иш-чараларды өткөрүү жол-жобосу жакшы уюштурулган даярдоо иштеринен (маалымат өнөктүгү, баяндамаларды, презентацияларды, программаларды даярдоо ж.б.) башталат. Мында иш-чаранын регламентине көз сала турган алып баруучуну тандап алуу өтө маанилүү иш. Ошондон протоколдоштуруунун сапаты көз каранды болот. Анда кезек-кезеги менен, бир темадан экинчисине “секирбестен”, башына кайтып барбастан маселенин маңызы так баяндалат. Ошондо калк тарабынан өтө маанилүү маселелерди жана сунуштарды каттап калууга мүмкүнчүлүк болот. “КРнын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна жарандардын катышуусу” окуу материалдар жыйнагындагы практикалык окуу китебине ылайык, эптеп даярдалган, начар өткөрүлгөн жана кайтарым байланышсыз калган коомдук иш-чаралар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кадырын кетирет, ЖӨБ органдары менен калк ортосундагы ишенимди талкалайт, жарандар менен бийликтин кызматташуусунун эффективдүүлүгүн азайтат[1].

Коомдук иш-чаралардын Протоколун түзүү жол-жобосун регламенттештирген негизги документ болуп Кыргыз Республикасында иш кагаздары боюнча Типтүү нускама (мындан ары – Типтүү нускама) эсептелет. Ал 2012-жылдын 23-июлундагы №517 токтому менен бекитилген (КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 10-июнундагы № 340, 2015-жылдын 10-мартындагы № 108 токтомдоруна ылайык). Бул документтин 3-главасында (“Уюштуруу-тескөө документтеринин айрым түрлөрүн даярдоо жана тариздөө”) №3 “Протокол” пункту менен атайын бөлүм бар. Анда Протоколду түзүү тартиби, структурасы жана мазмуну менен таанышып чыгууга болот. Бул бөлүмдө Протоколду жазуу боюнча техникалык нускамалар көрсөтүлгөн. Анда да “баяндамалар менен жарыш сөздөрдүн негизги мазмуну протоколдун текстине жайгаштырылат же ага тиркелет; тиркелген учурда текстке “Жарыш сөздүн тексти тиркелет» деп жазылат. Токтом (чечим) протоколдун текстин-

[1] “Коомдук иш-чаралар (чогулуштар, жыйындар жана коомдук угуулар) жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун формасы катары” практикалык окуу китеби, Өнүктүрүү саясат институту © Добрецова Н., Балакунова А., Мусаева А., Градваль С., Бишкек, 2015.

де толук басылат; зарыл болсо добуш берүүнүн жыйынтыгы келтирилет" деп белгиленген. Башкача айтканда, Протоколдо баяндамачынын текстинин негизги маңызын өтө кыска бериш керек, же баяндамачынын толук тексти өзүнчө Протоколго тиркелиши керек. Бирок Протоколдун өзүндө чогулуш же КУ процессинде жергиликтүү жамаат тарабынан көтөрүлгөн бардык маселелерди жана сунуштарды сөзсүз түрдө чагылдырыш керек. Коомдук иш-чараны өткөрүүнүн негизги максаттарынын бири мына ушунда камтылган.

Ошентип ар бир коомдук иш-чара ЖӨБ органдарынын ишин пландоо үчүн чоң мааниге ээ. Ал эми туура жолго коюлган иш өндүрүшү, анын ичинде чогулуштарды жана КУну протоколдоштуруу ЖӨБ органдарынын ишинин эффективдүүлүгүн, калктын муктаждыктарына жана артыкчылыктарына жооп кайтарууга жөндөмдүүлүгүн жогорулатат. Мына ушул максатта Типтүү нускамадагы протоколду тариздөөнүн үлгүсүнүн жана "Коомдук иш-чаралар (чогулуштар, жыйындар жана коомдук угуулар) жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун формасы катары" практикалык окуу китебинин негизинде сунуштама катары чогулуштун Протоколунун үлгүсүн иштеп чыктык. Ал КУну протоколдоштуруу процесси үчүн да жарайт. Бул үлгүдө өткөрүлгөн чогулуштардын жана коомдук угуулардын негизинде Долбоордун максаттуу муниципалитеттеринин материалдары чогултулду. Тиркемедеги айылдык аймактын аталышы жана адамдардын аты-жөндөрү ойдон чыгарылган. Үлгү үчүн ар бир тема боюнча талкууланган маселелердин ичинен 4-5 мисал гана келтирилген. Реалдуу практикада алардын саны бир топ болушу мүмкүн.

## ТИРКЕМЕ

| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН<br>ЧУЙ ОБЛАСТЫНЫН<br>ДОСТУК РАЙОНУНУН<br>АСЫЛ-ТАШ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ДОСТУКСКИЙ РАЙОН<br>АСЫЛ-ТАШСКИЙ<br>АЙЫЛНЫЙ АЙМАК |

### Асыл-Таш айылдык аймагынын чогулушунун №1 ПРОТОКОЛУ

**Өткөрүлчү күнү:** 14.02.2017-ж.
**Өтчү жери: Асыл-Таш айылдык аймак, Ак-Таш айылы, айыл өкмөттүн имараты**
**Төрагасы**: ИБРАГИМОВ Руслан
**Катчысы**: ЖУСУПОВА Надия
**Чогулуштун катышуучуларынын саны:** 145 киши, алардын ичинен: 75 аял, 11 АК депутаты, 9 АӨ кызматкери, 125 жергиликтүү жамааттын өкүлү (тизме тиркелди).
**Катышты:** ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун кызматкерлери (5 киши).

ИБРАГИМОВ Руслан (айылдык кеңештин төрагасы), чогулуштун төрагасы жана алып баруучусу катышуучуларды чогулуштун күн тартиби жана иш регламенти менен тааныштырып, чогулушта жүрүм-турум эрежелерин катышуучулар менен талкуулап, макулдашты. Ошондой эле чогулуштун катышуучуларына эгерде чогулуш процессинде суроо, сунуш жана эскертүү берүүгө жана айтып калууга үлгүрбөй калса, аларды бланкка жазып берүүнү сунуштады.

**КҮН ТАРТИБИ:**

2016-жыл үчүн БАПты ишке ашыруунун натыйжалары жөнүндө. Баяндамачы – КАНИМЕТОВ Аскар, Асыл-Таш айыл өкмөтүнүн башчысы.

2016-жыл үчүн БАПты ишке ашыруунун натыйжалары боюнча суроо-жооптор, талкуулар.

2017-2018-жылдарга БАП долбоору жөнүндө. Чогулуштун катышуучуларын аны менен тааныштыруу жана алар менен макулдашуу. Баяндамачы – КАНИМЕТОВ Аскар, Асыл-Таш айыл өкмөтүнүн башчысы.

2017-2018-жылдарга БАП долбоору боюнча суроо-жооптор, талкуулар.

**ЧОГУЛУШТУН ИШ РЕГЛАМЕНТИ:**

Баяндамачыларга – 15 мүнөт.

Ар бир баяндама боюнча суроо-жоопторго, талкууларга – 15 мүнөт.

Ар бир сөз сүйлөөчүнүн суроо-жоопторуна – үч мүнөткө чейин.

Чогулуштун иши 1 саат 30 мүнөттө бүтсүн.

**УККАНДАР:**

АӨ башчысы Аскар КАНИМЕТОВдун “2016-жыл үчүн БАПты ишке ашыруунун натыйжалары жөнүндө” отчету. АӨ башчысы КУ катышуучуларын ААнын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүү боюнча 2016-жыл ичинде БАПты аткаруунун жыйынтыктары менен тааныштырды. (Баяндаманын тексти тиркелди).

АӨ башчысы отчету менен тааныштыргандан кийин чогулуштун катышуучуларына “2016-жыл үчүн БАПты ишке ашыруунун натыйжалары жөнүндө” башчынын отчетун талкуулап, суроолорду узатып, сунуштарын берүүгө мүмкүнчүлүк болду. Бул маселе боюнча чыгып сүйлөгөндөр:

ДЖАНСЕИТОВ Болот (Асыл-Таш айылынын жашоочусу): БАП отчетунда 985,0 миң сом жолго сарпталганы айтылды. Анда ААнын борбордук трассасы кимге карайт? Анткени ал жакта жол дээрлик жок да. Мен транспорт үчүн салык төлөйм. Бирок машиненин кыймылдаткычын ушуну менен төртүнчү жолу оңдоп жатам, бул үчүн өтө чоң суммадагы акча сарптадым. Эмне үчүн бул трасса БАПка кирбей калган?

АӨ башчысынын жообу: Бул акчаны биздин ички жолдорубузду оңдоого сарптадык. Бул жолдор ЖМБА-иш-чараларынын негизинде биздин калк үчүн артыкчылыктуу деп табылган. Борбордук трасса тууралуу айта турган болсом, бул республикалык маанидеги жол, б.а., айылдык аймакка кирбейт. Бирок биз – төрт ААнын жетекчилери бул маселени жогорку деңгээлде көтөргөнбүз. Тилекке каршы бул маселе мамбюджеттеги финансылык таңсыктык үчүн каралбай калган. Бул трасса аркылуу бардык машинелер өтөт, буга кошумча төрт айылдык аймактын жергиликтүү машинелери да каттап турат. Эмне үчүн азыр аны абалы өтө начар? Себеби ошол маалда асфальт төшөлгөн эмес, чайыр аралаш кырдуу шагыл төгүлгөн. Албетте биз бул маселени чечүү үчүн мындан ары да аракет жасай беребиз. Себеби бул биздин АА үчүн гана эмес, ошону менен бирге жалпысынан регион үчүн да стратегиялык жактан маанилүү трасса болуп эсептелет.

ИСМАИЛОВА Эльмира (Достук айылынын тургуну): Баарыбызга белгилүү болгондой, биздин АА таштанды чыгаруучу техниканы сатып алууга тендерди утуп алган жана БАПтын отчетунда өтө чоң сумма – атайын техниканы сатып алууга 2,5 млн сом сарпталганы айтылат. Бирок мен ошол техника иштеп, таштанды чыгарганын такыр көрө элекмин. Ошол эле маалда бизди, мугалимдерди, таштанды жыйноого мажбурлашты. Мен дипломду эмнеге алдым эле? Таштандыны жыйнаш үчүнбү?

АӨ башчысынын жообу: 2016-жылы биз көп контейнерлерди орнотуп, КТК жыйноо жана чыгаруу үчүн жаңы тарифти белгилегенбиз – ар бир короодон 85 сом деп белгиленген. Бардык кызмат көрсөтүүлөрдү ТКЧ маселелери боюнча муниципалдык ишканага өткөрүп бергенбиз. Бирок ишкана жашоочулар келишим түзүүдөн баш тартып жатканына, КТК чыгарууга келишим юридикалык жактар (уюмдар) менен гана түзүлгөнүнө даттанды. Анда бул кимдин күнөөсү? Ишмебиликтер тууралуу айта турган болсом, мектеп гана эмес, бардык уюмдар да ага катышты. Таштанды эмнеден турат? Негизинен чипсы, балмуздактардын ж.б. пакеттеринен. Балдар аларды сатып алып, таштандыны ошол эле жерге ыргытышат. Ал эми бул болсо бизге тиешелүү маселе. Баарыбыз – ата-энелер, мугалимдер, тарбиячылар балдарга таштандыны туш келди ыргытпаганды үйрөтүшүбүз керек. Муниципалдык ишкананын иши тууралуу айтсам, биз бул маселени АК сессиясынын кароосуна алып чыгабыз.

БЕКТУРОВ Асылбек (Асыл-Таш айылынын жашоочусу): Эгерде МИ ушунчалык начар иштеп жатса, анда аны алмаштырыш керек. Анын ордуна ишин так аткарган уюмдар келиши керек.

МУРАТОВА Сайра (Достук айылынын жашоочусу): БАП отчетунда сиз суммасы 3,0 млн. сомго суу өткөрүүчү тарам оңдолгонун белгиледиңиз. Бирок биздин Совет көчөсүндө суу жок, себеби суу тешиктен ага берет. ТСКАКБ акча жок деген шылтоо менен оңдоо иштерин жүргүзбөйт. Эгерде ремонт болбосо, анда суу да болбойт да. Маяна алып эле иш жасабай отура берген ТСКАКБнын бизге эмне кереги бар? Бул жерди иштей турган адамдарга бошотуп беришсин.

АӨ башчысынын жообу: Бул маселе боюнча сиз айыл өкмөтүнө кайрылгансыз. Биз арыз ээлери менен үймө-үй кыдырып чыкканбыз. ТСКАКБ менен келишим түзгөн жашоочулардын үйүндө суу бар экен. Сиздин үйүңүздө гана суу жок, анткени силер келишимге кол койбой койгонсуңар. Ремонт тууралуу айта турган болсом, оңдоо иштери аба ырайы жылыган кезде башталат. Эгерде азыр суу өткөрүүчү тарамды бууп койсок, анда трубалар тоңуп калып, бүтүндөй система жараксыз абалга келет.

САТАРОВ Ахмат (Актан айылынын жашоочусу): “Социалдык камсыздоо” бөлүгүндө 2016-жыл үчүн чыгашалар бөлүмүндө берененин 15 түрүнө баары болуп 392,0 миң сом сарпталыптыр (Балдарды коргоо күнү, Экинчи Дүйнөлүк согуштун/Ооган/Баткен согуштарынын ардагерлерине, муктаждарга жана карыларга материалдык жардам ж.б.). Бюджетти кыскартып, колу жука үй-бүлөлөргө жана карыкартаңдарга материалдык жардамдын суммасын көбөйтүүнү сунуштагым келип турат.

АӨ башчысынын жообу: Ооб, сиз туура айтасыз. Биз жыл сайын дал ушул муктаж үй-бүлөлөргө бөлүнгөн акчанын суммасын улам көбөйтүп келатабыз. Мисалы, 2015-жылы 27 үй-бүлөгө көмүр сатып алууга акча бөлсөк, 2016-жылы мындай жардамды 48 үй-бүлө алды. Бирок кандай болгон күндө да акча баары бир тартыш болуп жатат. Эгерде биз башка беренелерден кыскартып ала турган болсок, өзүңөр көрүп тургандай, бюджеттин чыгаша бөлүмүнүн бардык беренелери боюнча акча аз. Анда башка көйгөйлөр чечилбей калат да.

**УККАНДАР:**

АӨ башчысы Аскар КАНИМЕТОВдун “2017-2018-жылдарга БАП долбоору тууралуу” маалыматы. АӨ чогулуштун катышуучулары менен макулдашуу максатында БАП долбоору менен тааныштырды (баяндаманын тексти тиркелди).

Баяндамадан кийин катышуучуларга “2016-жыл үчүн БАПты ишке ашыруунун натыйжалары жөнүндө” башчынын отчетун талкуулап, суроолорду узатып, сунуштарын берүүгө мүмкүнчүлүк болду. Бул маселе боюнча төмөнкүлөр сөз сүйлөдү:

АБАКИРОВА Тамара (Достук айылынын жашоочусу): 2017-2018-жылдарга БАП долбоорунда мектептеги билим берүү көйгөйлөрүн чечүү боюнча план бар. Биздин мектепте сабак өтүү үчүн орун жетишсиз. Балдар 3 нөөмөттө окушат. Айылдык китепкананы жана музейди окуу класстарына айландырууну өтүнүп келебиз. Анткени алар мектепте чоң бөлмөлөрдү ээлегени менен, ал жактарга адамдар барбай жана эшиктеринде кулпу илинип турат.

АӨ башчысы жооп берди: Бүгүнкү күндө биз сиздин өтүнүчүңүздү аткара албайбыз. Акча болоор замат биз аларды клубга которобуз. Бирок кандай болгон күндө да китепкананы жана музейди жабууга болбойт. Эгерде жаап салсак, анда маданият менен кош айтышууга туура келет.

САЛИМОВ Арстан (Асыл-Таш айылынын тургуну): Эгерде мектептеги спорттук аянтчанын курулушуна АРИС долбоору боюнча грантты утуп ала турган болсок, мектепте көмүр сактоо үчүн бастырма орнотууну өтүнөбүз. Анткени кар жана жамгыр алдында калган көмүр жараксыз абалга келет.

АӨ башчысынын жообу: Макул, бул маселени БАП долбооруна кошобуз. Ал эми АК сессиясында 2017-2018-жылдарга БАП долбоорун бекитүүдө жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүү маселеси каралат.

ЭРГЕШОВ Абакир (Достук айылынын тургуну): МТФда балдар күн сайын мектепке көпүрө аркылуу барышат. Бирок ал авариялык абалда турат, аны тез арада оңдош керек. Бул маселени БАП долбооруна кошууну өтүнөбүз.

АӨ башчысы жооп берди: Адегенде бул маселени изилдей турган комиссия түзүшүбүз керек. Менимче, БАПка сөзсүз кошуп, чечебиз.

ТУРАТОВА Аманат (Асыл-Таш айылынын тургуну): БАП долбоорунда сиз Достук айылында бала бакча маселесин чечүүнү пландап жаткан экенсиз. Анда Асыл-Таш айылындагы бала бакча маселеси кандай болот? Бул бакча ремонттолуп бүткөн, бирок эмеректердин жоктугунан иштебей келатат. Качан сатып бересиңер? Убакыт өтүп жатпайбы. Анткени мектепке чейинки мекемеге барган баланын ой жүгүртүүсү, өнүгүүсү да башкача болот эмеспи.

АӨ башчысынын жообу: Азырынча бизде биринчи бала бакчанын маселесин чечүүгө акчабыз бар. Экинчи бала бакча тууралуу айта турган болсо, биз бул маселени Билим берүү министрлиги менен биргелешип чечип жатабыз. Бирок азырынча бюджетте акча тартыш. Ошондуктан акча табаарыбыз менен чечебиз. Бул маселени БАП долбооруна киргизип, кошумча каражат издөөнү сунуштайм.

ШАРШЕЕВ Мелис (Достук айылынын тургуну): Биз айылда жарык берүү маселесин чечип берүүнү өтүнүп, бир нече жолу сизге кайрылганбыз. Деги качан трансформатор орнотулат?

АӨ башчысынын жообу: Көпчүлүк айылдардын башкы планы жок. Мыйзам боюнча, мындай план болбосо, бир дагы трансформаторду орнотууга укугубуз да жок, электр линиясын өткөрө албайбыз. Ошондой эле “жер бөлүп берүү” деген түшүнүк бар. Б.а., трансформатор орнотула турган участокко расмий документтер талап кылынат. Бирок РЭС аны орнотпойт, бул жергиликтүү бюджеттин эсебинен гана мүмкүн. Ошондуктан биринчи кезекте өтө көп даярдык иштерин аткарыш керек, андан кийин гана чечим кабыл алууга болот. Бирок азырынча даярдык көрүү иштери боюнча бардык тапшырмаларды 2017-2018-жылдарга БАП долбооруна киргизүүнү сунуштайм.

**ЧОГУЛУШТУН НАТЫЙЖАЛАРЫ**

2017-2018-жылдарга БАП долбоору боюнча талкууланган маселелердин негизинде
төм. чечимдер кабыл алынды:

Көмүр сактоо үчүн мектепте бастырма куруу боюнча артыкчылыктуу көйгөй 2017-2018-жылдарга БАП долбooруна кошулсун.

МТФте авариялык көпүрөнүн абалын изилдөө боюнча комиссия түзүлсүн. АА инфраструктура маселелери боюнча демилгелүү топ бул маселени чечүү боюнча план иштеп чыгып, ал 2017-2018-жылдарга БАП долбоорунун “Ички жолдор” бөлүмүнө кошулсун.

Мектепке чейинки билим берүү боюнча демилгелүү топ Асыл-Таш айылындагы бала бакча үчүн эмерек сатып алуу маселесин чечүү боюнча план иштеп чыгып, 2017-2018-жылдарга БАП долбооруна кошсун.

Достук айылында трансформаторду орнотуу боюнча даярдоо иштери маселесин чечүү боюнча демилгелүү топ түзүлүп, бул маселе 2017-2018-жылдарга БАП долбооруна кошулсун.

Төрага____________________________ИБРАГИМОВ Руслан
Катчы ____________________________ЖУСУПОВА Надия

# Катышуу кандай учурда эксплуатациялоого айланат же Ашар менен кантип күрөшөбүз?



"М" журналы жергиликтүү демилге, кайсы бир маселени чечүү үчүн жарандардын өздөрүн өзү уюштура калуу мүмкүнчүлүктөрү жана жөндөмдүүлүктөрү тууралуу жазганда көп учурда суроо жаралат: жергиликтүү, жарандык демилге канчалык даражада орундуу жана пайдалуу? Башкаруу органдарынын жоопкерчилиги менен бийликтин милдеттенмелерин жарандарга оодарып коюу аракети ортосунда чек кайдан бүтөт? Ашар – талкууга жем таштаган темалардын бири. Өнүктүрүү саясат институту жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө ашар усулун кеңири пайдаланууга каршы чыгып келет. Институт ашар – бул бөөдө кырсык болгондо жана өзгөчө кырдаал жаралганда өтө керектүү элдик салт деп эсептейт. Бирок ашарды өнүгүүнүн туруктуу башкарууда колдонууга болбойт.

Биздин тынчсыздануубузду жана жүйөлөрүбүздү турмуш да тастыктап жатат. Тынчтыкты бекемдөө үчүн инновациялар боюнча Булан институту (www.bulaninstitute.org) 2017-жылы даярдаган "Кыргызстандагы курулуш жана мектептердин коопсуздугу: авариялык мектептер жана балдар" Баяндамасы биздин кооптонуубуз жүйөлүү болгонун ырастоодо. Назарыңыздарга мектептерди ашар жолу менен курууга жана анын кесепеттерине арналган бул баяндамадан үзүндүлөрдү сунуштайбыз.

Ашар жолу менен курулган мектептер урай баштаганы тууралуу берүүлөр ушунчалык оор таасир калтыргандыктан мамлекет жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу ашар практикасын уланта берүү бери дегенде натыйжасыз жана келечексиз экенин, ал эми айрым учурларда атүгүл кылмыштуу болгонун укпай да, көрбөй да коюушу мүмкүн эмес.

Мектептердин курулушунда ашарды колдонууга такыр эле тыюу салууну сунуштаган Булан институтунун адистери да мына ушундай тыянакка келишти: "Баштапкы жана орто мектептерди ашар жолу менен (ыктыярдуу жамааттын курулуш жана ыктыярдуу кайрымдуулук) курууга мамлекеттик деңгээлде тыюу салынышы керек. Мектептер социалдык объект катары мамлекеттин, жергиликтүү бийликтин (Бишкек жана Ош шаарлары) көзөмөлү алдында курулушу керек".

Биз болгону мектептерден тышкары башка дагы объекттер ашар менен курулуп, көп өтпөй талкаланууга дуушар болбошу керектигин кошумчалагыбыз келет. Ушинтип адамдардын эмгегин жана энтузиазмын натыйжасыз жана кээде кооптуу колдонуунун аягы көңүл калуу менен аяктап, кесепеттери оор болушу ыктымал.

Адамдардын бири бирине жардам берүүсүнүн жакшы салты катары ашарды четке какканыбыз жок. Бирок ашарды бийликтин өз мойнундагы жоопкерчиликти жарандардын капчыгына оодарып коюу ыкмасына айландырбашыбыз керек.

Булан институтунун изилдөөсү республика боюнча ашар жолу менен курулган мектептер абдан көп болгонун аныктады. Элеттиктердин күчү менен ылай, саман жана топурак аралаш тургузулган мектептер курулуш талаптарына жооп бербейт жана көп өтпөй талкаланып жатат. Алар табият кырсыктарына туруштук бере албай, дубалдардан жаракалар кетип, ал эми төшөлмөлөр чирий баштады. Мисалы, Чоң-Алай районунун Жекенди айылдык аймагында жакында эле болгон (3-майда) жер титирөөдөн кийин үч мектептин окуучуларына чатырларды тигип беришти. Кара-Тейит, Кара-Мык, Жекенди айылдарындагы мектептердин эскилиги жеткен жана алардын айрымдары курулуш-техникалык талаптарды сактабастан ашар жолу менен курулган. Бул тууралуу Билим берүү министрлиги 8-майда тараткан пресс-релизинде айтылат[1].

Адамдарды соңку чараларды колдонууга – мектептерди ашар жолу менен курууга мамлекеттин кайдыгер мамилеси түртүп жатканын мойнубузга алышыбыз керек. Булан институту мектептерди жана башка социалдык объекттерди ашар жолу менен курууга мамлекеттик деңгээлде тыюу салыныш керек деп эсептейт. Жети-Өгүз райондук билим берүү башкармалыгын 18 жыл бою жетектеп келген Мурат Жетимишбаев Союз маалында Ысык-Көл облусунда ашар жолу менен бир да мектеп курулбаганын, бирок мындай ыкма түштүк аймактарда колдонулган болушу мүмкүндүгүн айтат.

“Акаевдин 15 жылдык башкаруусу маалында мектептерди ашар жолу менен куруу ыкмасы модага айланып кеткен. Мамлекет да ушундай жол менен мектеп курган акимдерди колдоп турган. Себеби бюджетте акча тартыш болуп, бул аргасыз чара катары каралган! Атүгүл мындай жергиликтүү бийлик башчылары мактоого арзып, акимдерге сыйлык да тапшырып келишкен! Бирок мектептерди ашар жолу менен куруу – бул жапайычылык. Бизде да аким Бектуров Боз-Бешик жана Чоң-Кызыл-Суу айылдарында эки мектепти курган. Бирок төрт жылга жетпей алар талкаланган. Мектептер талкаланды, ал эми ошол эле жылдары Чолпон-Ата шаарында курулган анын пансионаты сопсонун эле абалда турат! Бул коррупция болбогондо анда эмне!”[2].

Мамлекет өз жарандарын акысыз орто билим берүү менен камсыздоого милдеттүү болгону Баш мыйзамда – Конституцияда белгиленген. Бул демек, мамлекет мектептердин курулушу боюнча милдеттенмени өзүнө алып, карапайым тургундардын күчү менен топурактан сокмо мектептерди тургузууга тыюу салыш керек дегенди билдирет. Эгерде мамлекет бардык курулуш эрежелерин сактап, атайын долбоор боюнча кирпичтен типтүү мектептерди курганда мындай мектептер көп жылдарга ишенимдүү туруп бермек.

Билим берүү жана илим министринин мурдагы орун басары Гүлжигит Сооронкулов ашар жолу менен чукул арада курулган социалдык объекттер тууралуу Ак үйгө отчет берүү модага айланганын белгилейт. “Мамлекет имараттардын коопсуздугу жана курулушу үчүн өзүнө жоопкерчилик алышы керек. Мектеп мугалимдери жана директорлору билим берүүнүн сапаты жөнүндө гана ойлонушу абзел. Бирок бүгүнкү күндө андай болгон жери жок. Эгемендик алгандан кийин аймактарда акимдер отчет берип,

[1] Билим берүү жана илим министрлигинин басма сөз кызматынын 8-майдагы пресс-релизи.

[2] Мурат Жетимишбаевдин Булан Институтуна курган маеги, 2017-жылдын 6-июну.



сыйлык алуу үчүн ашар жолу менен кура башташкан. Бирок бийик тоолуу райондордо ашар жолу менен курулган мектептер жүктү көтөрө албай, тез эле жараксыз абалга келүүдө. Айрым айылдар чакан болуп, мамлекет 100-150 окуучу үчүн мектеп курбаганы ашар жолу менен курулушка ыктоонун дагы бир себеби десек болот. Ошондуктан жергиликтүү тургундар акимдер менен макулдашып, мектептерди ашар жолу менен курушууда"[1].

Өзгөн районунун Бостон айылындагы мектеп 2011-жылы ашар жолу менен курулган. Үч жыл мурда Өзгөчө кырдаалдар министрлиги имаратты жараксыз деп тааныганы менен, ал жерде окуу процесси улана берген. Жарым-жартылай талкаланган дубалдар тирөөч менен кармалып турат, чатырынан суу агат, төшөлмөлөрдө адам буту батчудай чоң-чоң тешиктер пайда болгон – мектептин чыныгы көрүнүшү дал ушундай. Жогорку Кеңештин депутаты Улугбек Ормоновдун айтымында, Бостон айылындагы мектептин курулушу тууралуу маселе парламентте да көтөрүлгөн. "Биз бул мектепте көчмө жыйын учурунда болгонбуз. Өкмөт имаратты алып, 2015-жылы мектеп курулушу башталган. Бирок каражат бөлүнбөгөндүктөн курулуш иштери токтоп калган. Балдар элеттик клубда билим алууга мажбур. 2017-жылы да бул мектеп үчүн бюджетте каражат каралган эмес", - деп өкүнүчүн билдирди депутат.

Ашар жолу менен курулган дагы бир мектеп Тогуз-Торо районундагы Кара-Суу айылында жайгашкан. Ал эми курулушу төрт жыл мурда эле башталган жаңы мектеп кодонууга бериле элек. 2013-жылы фундамент куюлду, 2014-жылы биринчи кабатын тургузушту, андан кийин жылы экинчи кабаты курулуп, өткөн жылы чатыры жабылды. Мына ошондон бери курулуш иштери улана элек. Окуучулар эски, 1958-жылы ашар жолу менен курулган мектепте билим алышууда. Мектеп директору Венера Эпееванын айтымында, дубалдарда 5-10 сантиметрлик тешиктерди көрүүгө болот, чатыры такыр жараксыз абалга келди жана жамгыр жааганда, класстардын ичине суу толуп калат.

Лейлек районунун Маргун айылдык аймагынын Чурбек айылындагы М.Юлдашев атындагы мектеп да авариялык абалда турат. Ал дагы 1957-жылы ылай жана самандан ашар жолу менен курулган. Дубалдардын бир капталы урап калган. Атүгүл кийинчерээк – 1980-1986-жылдары ушундай эле жол менен курулган китепкана, ашкана, устакана жана кароолчунун бөлмөсү да жараксыз абалга келген. Маргун айылдык аймагы райондогу эң алыс жайгашкан жана бюджети аз айыл өкмөтү болуп эсептелет.

Токтогул районундагы Терек-Суу айылынын жашоочулары 2007-жылы ашар жолу менен мектеп тургузушкан. Эки жылга жетпей ал жараксыз абалга келген. Себеби курулуш эрежелери сакталбастан саман менен ылайдан эле тургузулган болчу. Курама уулу Турусбек атындагы №12 башталгыч мектептин корпусу авариялык абалда турат. Бирок буга карабастан 1-4-класстардын окуучулары 1970-жылы курулган мындай кооптуу имаратта окуусун уланта беришкен. Кышында кенже класстын балдары негизги корпуска көчүп барышкан. Ошондон бери жогорку класстын балдары менен чогуу окуп, тар жана ыңгайсыз шарттарга чыдоого мажбур.

2000-жылы Жети-Өгүз районундагы Кабак айылында эки кабаттуу мектеп ашар жолу менен курулган. Мектептин негизги бөлүгүн 1946-жылы курулган Маданият үйүнүн имараты түзөт. Жергиликтүү тургундар 2000-жылы ашар жолу менен имараттын эки жагына 8 бөлмөнү улап куруп коюшкан. Бирок бул имарат айылдагы 336 окуучуну батыра албайт. Балдар үч нөөмөттө билим алышууда, мектеп имараты болсо авариялык абалда турат.

Бакай-Ата районунун Боо-Терек айылындагы мектеп 1998-жылы ашар жолу менен курулган. Курулуш стандарттары сакталбагандыктан төшөлмөлөр көгөрүп, шыбагы түшүп калган. Бакай-Ата районундагы Кашка-Жол орто мектеби да ушул жол менен 1998-жылы курулуп, абалы кудум ушундай. Райондогу Үрмарал айылындагы мектепте да ушундай эле көрүнүш[2]. Талас облусунун Манас районундагы Манас айылында 2001-жылы орто мектептин имаратына кошумча кабинеттерди кошуп коюшкан. Бөлмөлөр өтө тар, мектепте спортзал, китепкана, ашкана жок. Пайдубалы таштан тургузулгандыктан ал чөгө баштады, ал эми дубалдарынан жарака кетүүдө. Манас районунун Май айылында совет мезгилинде мектептин биринчи имараты тамеки



[1] Гүлжигит Соронкуловдун Булан институтуна 2017-жылдын 15-июнунда курган маеги.

[2] Талас обладминистрациясы Булан институтуна берген расмий маалыматтан алынды



өстүргөндөр үчүн курулган. Экинчи корпустун курулушу 1987-жылы ашар жолу менен курула баштаган. Бирок каражаттын жоктугунан туура 15 жыл эч козголбой туруп, 2003-жылы гана колдонууга берилген. Курулуш эрежелери туура эмес жүргүзүлгөндүктөн жыгач конструкциялар бузулуп, дубалдарда жаракалар пайда болду.

Дээрлик бир кылым мурда ашар жолу менен курулган дагы бир мектеп бар. Чүй облусунун Москва районунун Кепер-Арык айылындагы К.Артыкбаев атындагы мектеп алыскы 1928-жылы эле тургузулган. Ал маалда айыл Бүдөн-Уй деп аталчу. Айыл тургундары мектепти курууга киришип, өгүздөргө чегилген чаналар менен жарлардан оор таштарды ташып келишкен. Мектеп директору Кенжегүл Мурзалиеванын айтымында, ашар жолу менен курулган бул мектеп биринчи жолу эшигин балдарга 1930-жылы ачкан. “Бул мектеп райондо жалгыз болгондуктан алыскы айылдардан балдар билим эңсеп келишчү. Ал учурда балдар 7-класска чейин окушчу. 1940-жылы толук кандуу орто мектеп деген статус алса, 1966-жылы кошумча имарат уланган. 2009-жылы К.Артыкбаевдин ысымы ыйгарылып, имарат толугу менен ремонттолгон”[1].

Ушул тапта Керме-Тоо айылдык аймагындагы А.Бекенов атындагы мектеп авариялык абалда турат. 1987-жылы ашар жолу менен курулган мектеп жер титирөөдөн кийин жараксыз абалга келген. “Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин имарат авариялык абалда болгону тууралуу корутундусуна карабастан башка имараттын жоктугунан улам 500 окуучу тобокелдикке салып билим алууда”2. Баса, 2015-жылы ошол кездеги өкмөт башчы Темирбек Сариев Араванга иш сапары маалында бул мектепте болуп, аны 2016-жылдын бюджетиндеги капиталдык курулушка кирген объекттердин тизмесине кошууга убада берген. Бирок курулуш иштери башталган эмес.

Ноокат районундагы Борко айылында 1972-жылы ашар жолу менен мектеп курулуп, ал 192 окуучуга эсептелинген. Учурда ал жерде үч нөөмөттө 576 бала билим алат. Бул болсо санитардык нормаларды сактабагандык болуп эсептелет. Ушул кезге чейин бул мектептин маселеси чечиле элек. Ушундай эле көрүнүш Ноокат районунун Үчбай айылындагы мектепте да байкалат. 1975-жылы ашар жолу менен 150 орундуу убактылуу мектепти курушкан. 2000-жылдары мектепке улай 8 бөлмөдөн турган кошумча имаратты курушкан. Азыр ал жерде 411 окуучу билим алат. “Мектептин пайдубалы таштан тургузулган жана 2009-жылы комиссия иликтеп чыгып, мектеп имараты катуу жер титирөөгө туруштук бере албастыгын, себеби дубалдары пайдубалга кошулбаганын, бул болсо талаптарга жооп бербей турганын айтып, корутунду чыгарып беришкен”[3].

Жергиликтүү тургундар зарыл каражатты топтоп, Өзгөчө кырдаалдар министрлиги авариялык абалда жана окуу процессин улантууга жарабайт деп тааныган имараттарды ашар жолу менен оңдоп чыккан учурлар да болот. Мисалы, Сузак районунун Кокон-Багыш айылындагы Турат Арзыкулов атындагы №52 мектепти беш жыл мурда Өзгөчө кырдаалдар министрлиги колдонууга болбойт деп тааныган корутунду чыгарган. Бирок жергиликтүү тургундар балдарын кошуна мектепке жиберүүдөн баш тартышкан. Алар 100 миң сом чогултуп, мектепти оңдоп, эми балдар ошол эски мектепте эле билим алуусун улантууда.

Совет маалында ашар жолу менен мектеп куруу өтө сейрек кездешчү көрүнүш болчу. “Ал маалда мектептин курулушуна карата мамлекеттик стандарттар жана мамлекеттик план деген бар болчу, - деп эскерет Нарын облустук билим берүү башкармалыгынын мурдагы жетекчиси Чолпон Тиленбаев. – Мен совет маалында көп жыл иштедим, ал эми эгемендик алгандан кийин Нарын облустук билим берүү башкармалыгын жетектеп калгам. Совет маалында ашар жолу менен мектеп курууга өзгөчө учурда гана уруксат берилчү. Анткени мамлекеттик комиссия мектепти кабыл алуудан баш тартып коюшу мүмкүн эле. Бул ошол маалда мүмкүн эмес болчу. Курулуш иштери Москвада бекитилген жалпы долбоорго ылайык жүргүзүлчү. Бир нече долбоорлор боюнча типтүү мектептер болгон. Алардын жалпы наркы 50-60 миллионго жетчү. Баары беки-

[1] Кепер-Арыктагы К.Артыкбаев атындагы мектеп 1928-жылы ашар жолу менен курулган http://www.turmush.kg/news:322865/?from=kg_turmush&place=newstoplastarea

[2] Акыйкатчы Кубат Оторбаевдин Булан институтуна 2017-жылдын 20-майында курган маегинен үзүндү.

[3] Жогорку Кеңештин депутаты Токторовдун Булан институтуна 2017-жылдын 22-майында курган маегинен үзүндү.

тилген чыгашалар сметасын сактачу. Бул суммага парталар, такталар жана болгон материалдык-техникалык база кирчү", - деп айтты ал.

Мурдагы билим берүү министри Аскар Какеев да Булан институту менен ой бөлүштү. "Өз убагында ашар түзүлгөн кырдаалдан чыгуунун жалгыз жолу болгон. Бирок бүгүнкү күндө мындай ыкма менен куруу туура эмес болот. Мектептер заманбап талаптарга ылайык тургузулушу керек. Ашар – бул өзүн актабай калган ыкма. Азыр мезгил башка, шашылыш курбаш керек. Менимче, өкмөт бул маселени чечүүгө батыл киришкендей. Жаңы мектептер пайда болуп, бул багытта иш жанданганы кубандырат".

Эгемендик алгандан кийин оор экономикалык кырдаал өкүм сүрүп турган маалда мамлекет ашар жолу менен мектептерди куруу боюнча жергиликтүү демилгелерди колдоп берүүгө мажбур болгон. "Мамлекеттин айласы түгөнсө анан эмне кылмак эле? Айыл өкмөтү менен акимдерди колдоого мажбур эле. Атүгүл элди чогултуп, демилге көтөрүп, аракечтиктен алагды кылып, мектепти ашар жолу менен курганы үчүн айрымдарына сыйлык да тапшырылбадыбы, - дейт Чолпон Тиленбаев. – Албетте архитектура жана мамлекеттик көзөмөл органдары айыл өкмөттөрүнө уруксат берген эмес. Кийин алар акимдерге жардам сурап кайрылып жүрүштү. Мына ушинтип мектептер эрежелерди сактабастан курулуп келди"[1].

[1] Нарын облустук билим берүү башкармалыгынын мурдагы



**Чолпон ОРОЗОБЕКОВА, Булан институтунун директору:**

**"Биздин институт өз изилдөөсүн дал ушул авариялык абалдагы мектептер жана жаңы мектептердин курулуш ыргагы боюнча жарыялады. Себеби бул маселе өтө курч турат жана мектеп имараттарынын сапатын жакшыртуу үчүн чукул чаралар талап кылынат. ЮНИСЕФ өз изилдөөсүн 2013-жылы жарыялап, анда да эксперттер мектептердин 80% структуралык жактан коопсуз эмес деген тыянакка келишкен. Баяндамада биздин институт мектептерди ашар жолу менен курууга мамлекеттик деңгээлде тыюу салуу керек деген корутунду чыгарды. Эгемендиктин алгачкы жылдары мамлекетибизде жаңы мектептердин курулушуна каражат болбогондуктан мындай жагдай жергиликтүү бийликтерди тургундар менен биргеликте ашар жолу менен курулуштарды баштоого түрткөн. Албетте мындай шарттарда курулуш нормалары тууралуу кеп да болгон эмес. Бул мектептер 5-10 жылдан кийин эле жараксыз абалга келген. Мындан ары да ушундай ыкмаларга тыюу салыш керек. Социалдык объекттер катары мектептер мамлекеттин демилгеси жана көзөмөлү алдында гана курулушу керек. Акыркы жылдары Кыргызстандын өкмөтү мектептердин курулушуна чоң көңүл буруп жатат. Мисалы, өткөн жылы рекорддук 77 мектеп курулган. Менимче, Жерүй кенин иштетүүгө лицензияны сатуудан түшкөн 100 миллион долларды мектептердин курулушуна багыттоо өтө туура чечим болгон. Бул каражаттардын эсебинен 54 мектеп тургузулган. Кыргызстанда мектептердин жарымы 1980-жылга чейин эле курулганына көңүл буруу зарыл. Мисалы, 32 мектеп өткөн кылымдын 30-40-жылдары курулган, башкача айтканда бул имараттар урай баштады. Бул чөйрөгө инвестициялар зарыл, мектептердин курулушуна чет өлкөлүк донорлорду жана жергиликтүү бай адамдарды тартыш керек. Аларды салык жеңилдиктери өңдүү түрдүү стимулдар менен кызыктыруу абзел. Мындан тышкары эгемендикке жаңы жеткен жылдары ашар жолу менен көптөгөн мектептер курулган. Ары-бери тургузула калган бул имараттар эмитеден эле жараксыз абалга келүүдө. Мындай "кол өнөрчүлүгүнө" чекит коюу керек. Дагы бир мисал келтире турган болсом, Ошто Казакстандын президенти Нурсултан Назарбаевдин атындагы окуу жайы да урай баштады. Бирок кошуна мамлекет анын курулушуна 80 миллион сом бөлгөн да, кесипкөй курулушчулар да иштегендей болгон. Жакында эле Сауд Аравия Кыргызстанга мектептердин курулушу үчүн 32 миллион доллар берүүнү чечти. Биз туура тыянактарды жасап, бул акчаны үнөмдүү сарптап, сапаттуу мектептерди тургузушубуз керек".**

# Айылдык аймактардын санын кыскартуунун пайдасына келтирилген финансылык жүйөлөр

**Сыймык НУРУНБЕТОВ**, КР Финансы министрлиги

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу институтун бекемдөө жана өнүктүрүү жолунда өтө көп иштеп жасалып, зарыл болгон шарттардын баары түзүлдү. Жергиликтүү өз адынча башкаруунун толук кандуу өнүгүүсү үчүн уюштуруучулук-укуктук, финансылык-экономикалык жана кадрдык өбөлгөлөр түзүлдү. 15тен ашуун маанилүү мыйзам, Президенттин ондогон жарлыктары жана өкмөттүн токтомдору кабыл алынды. Ошондой эле жергиликтүү бюджеттерге тиешелүү негиз салуучу бардык маселелер, мындан тышкары жергиликтүү деңгээлде көптөгөн тийиштүү ченемдик укуктук актылар Бюджеттик кодексте чагылдырылды.

Ошентип:

- Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарында бюджеттер аралык мамилелердин түшүнүктөрү жана принциптери киргизилди;
- жергиликтүү бюджеттерди жана муниципалдык менчикти башкаруу (бекитүү жана аткаруу) жаатында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өз алдынчалуулук берилди;
- ар бир ЖӨБ органынын статусу аныкталып, бекитилди.
- финансылык децентралдаштыруу шарттарында бюджеттик системанын ар бир деңгээли үчүн өзүнүн, бекитилген жана жөнгө салган кирешелери түзүлдү;
- мыйзам чыгаруу актыларында бюджеттер аралык трансферттер системага салынып, өркүндөтүлдү;
- кирешелер жана чыгашалар боюнча маалымат базасы түзүлдү.
- “Ачык бюджет” порталы түзүлдү ж.б.

Салык мыйзамдарында жалпы мамлекеттик салыктардан чегерүүлөрдүн нормативдерин жөнгө салуу, кеңири масштабдагы финансылык теңдештирүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кирешесинин өсүшүнө оң таасирин тийгизди. Бирок баалардын жана тарифтердин, айлык акынын жыл сайын жогорулашы чыгаша милдеттенмелеринин өсүшүнө алып келди. Алар ушул жылдагы республикалык бюджеттин эсебинен компенсацияланат. Андан ары көпчүлүк учурларда дотация түрүндө республикалык бюджетке кошумча жүк болуп, дотацияда турган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын кыскартууга эч кандай таасирин тийгизбейт.

Өзүн өзү камсыздай алган, жетиштүү деңгээлде киреше тапкан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын бүгүнкү күндө иш жүзүндө чыгымы өтө көп. Ушуну менен бирге жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бюджеттерди түзүүдө жана аткарууда инвестициялык долбоорлорду каржылоого жетиштүү каражат бөлбөй келишет. Атүгүл стандарттык күнүмдүк чыгашаларды жабууга каражат каралбайт. Өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрү болуп турганына карабастан, жергиликтүү бюджеттерди пландоодо республикалык бюджеттеги каражаттан өтө жогору көз карандуулук байкалат.

“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамга ылайык, өзүн өзү камсыздоо, өзүн жөнгө салуу жана өзүн каржылоо жергиликтүү өз алдынча башкаруунун негизги принциптери болуп эсептелет.

Анткен менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелүү болгону алардын жан бактылык маанайын күчөтүүдө.

Ушул тапта жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өзгөчө жергиликтүү бюджеттердин киреше бөлүгүн түзүүдө жана аткарууда бюджеттик процессти жүзөгө ашырууга толук тартылган эмес. Бул болсо жергиликтүү бюджеттердин чыгаша бөлүгүнө тикелей таасирин тийгизүүдө. Бюджеттик процесске тиешелүү көптөгөн маселелер мамлекеттик органдарга карайт жана ЖӨБ органдарынын бюджеттик милдеттенмелери боюнча жооп бербейт. Албетте чечилбей калган маселелер республикалык да, жергиликтүү да деңгээлдерде бир топ көйгөйлөрдү жаратууда.

Ошону менен бирге бүгүнкү күндө административдик-аймактык бирдиктин өркүндөтүлбөгөнү не-

гизги көйгөйлөрдүн бири болуп эсептелет.

Ушул тапта өкмөттүн деңгээлинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын бириктирүүнүн (ирилештирүүнүн) түрдүү критерийлери иштелип чыкты. Ошондой эле буга байланыштуу ар кандай талкуулар да жүрүп жатат. Бирок бул маселе боюнча анык бир чечим табыла элек.

Бир район боюнча орточо 10 айыл өкмөтү бар дейли жана алар жагымдуу жагдайлар түзүлгөн учурда өз ыктыяры менен 1-2 айыл өкмөтүнө бириге алышат. Ошондо айыл өкмөттөрдүн саны орточо 70-80ге азаят. Бул болсо, албетте, дотациядагы айыл өкмөттөрдүн санын кыскартат.

Аймактык масштабдан алып караганда, Талас, Нарын, Ысык-Көл өңдүү облустарда бир административдик-аймактык бирдикте жайгашкан калктын саны Чүй, Ош, Жалал-Абад облустарына салыштырмалуу бир кыйла аз. Аталган облустарда бул көрсөткүч 5, атүгүл 10 эсе көбүрөөк.

Буга ылайык, киреше базасы бир кылка эмес, калк жыш жайгашкан алыскы аймактарда колдо болгон киреше мүмкүнчүлүктөрү жетишсиз. Ал эми калк аз жайгашкан аймактарда бул көрүнүш башкача болушу мүмкүн.

Жергиликтүү бюджеттердин бардык киреше базасынын 46% ашыгы Бишкек шаарында топтолгон жана 453 айыл өкмөтүндө 32,4% гана бар. Бул болсо таптакыр бир кылка болбогонунан кабар берет.

Мындан тышкары 453 айыл өкмөттүн 71и дотацияда эмес (2016-жылы – 76 айыл өкмөтү). Алардын кирешелери болгону 1769,7 млн. сомду же бардык айыл өкмөттөрүнүн жалпы кирешесинен 44,9% түзөт (2016-жылы – 2281,0 млн. сом же 52,1%). Калган бөлүгү – 2173,6 млн. сом же 55,1% 377 айыл өкмөттөн түшөт (2016-жылы – 2100,8 млн. сом же 47,9%).

Жергиликтүү бюджеттердин киреше бөлүгү 24 салыктык жана салыктык эмес түшүүлөрдөн турат. Алар шаарлардын да, айыл өкмөттүн да бюджеттерине түшөт. Алардын ичинен киреше дараметинин деңгээлине салыктын 7 түрүнөн түшкөн каражат реалдуу таасирин тийгизет. Алар: салык агенти төлөгөн киреше салыгы, сатуудан салык, жер салыгы, мүлк салыгы, транспорт каражаттарынын ээлери төлөгөн салык, ыктыярдуу жана милдеттүү патенттөө.

Жергиликтүү органдар өнүгүүсүнө олуттуу таасирин тийгизе ала турган чакан жана орто бизнестен кирешелер салыштырмалуу көп эмес бөлүккө гана тиешелүү. Салыктын бул түрүн төлөчү бизнес айыл өкмөтүнө караганда ири шаарларга көбүрөөк мүнөздүү.

Жогоруда айтылган жети салыктын ичинен жергиликтүү бюджеттерге түшүүлөрдүн ири үлүшүн төм. ээлейт:

- салык агенти төлөгөн киреше салыгы (жалпы кирешеге карата 30%), алардын ичинен 75,4% шаарларга, 24,6% айыл өкмөтүнө түшөт;
- сатуудан салык – 28,5%, алардын 83,2% негизинен шаарларга жана 16,8% айыл өкмөттөргө түшөт;
- милдеттүү патенттин негизинде салык – 11,9%, алардын ичинен 90,4% негизинен шаарларга жана болгону 9,6% айыл өкмөтүнө түшөт.

Калган төрт салык боюнча жергиликтүү бюджеттерге түшкөн каражаттын үлүшү көп деле эмес.

Киреше салыгынан айыл өкмөтүнө түшүүлөр сатуудан салыкка караганда бир кыйла жогору (24,6%). Себеби сатуудан салык боюнча да, милдеттүү патенттин негизинде салык боюнча да салык базасы республика боюнча текши жайгашкан эмес. Анализге караганда, өнүгүүсүнө жергиликтүү органдар таасирин тийгизе ала турган чакан жана орто бизнестен түшкөн кирешелерге салык бул бизнестин салыштырмалуу чакан бөлүгүн гана камтыйт жана салыктын бул түрүн төлөчү бизнес айыл өкмөтүнө караганда ири шаарларга көбүрөөк мүнөздүү.

Буга байланыштуу киреше салыгы дээрлик бардык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын киреше мүмкүнчүлүктөрүн жөнгө салган жалгыз салык болуп эсептелет. Анткени салык базасы бир топ текши жайгашкан, жыл ичинде салыктан түшүүлөр туруктуу жана үзгүлтүксүз, бул салыктын мобилдүүлүгү салыштырмалуу төмөн.

Эгерде дотациядагы жана өзүн камсыздай алган айыл өкмөтү боюнча бул салыктын жайгашуусу канчалык текши болгонун карай турган болсок, анда бир нерсени байкоого болот: киреше салыгы дотациядагы айыл өкмөтүнө да (49,7%), өзүн өзү камсыздай алган айыл өкмөтүнө да (50,3%) түшүп турат.

Аймактардын өнүгүү программаларында негизги өзөктүк багыттар региондордун бюджеттик системасынын натыйжалуулугун арттырууга, социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүгө, инвестициялык жагымдуулукту жакшыртууга ж.б. багыт алган. Бирок бул жергиликтүү бюджеттер үчүн киреше базасын бир аз көбөйтүү өңдүү оң жыйынтык берет.

Салык системасы алдын ала божомолдой алгыдай, туруктуу, ал эми салыктык ставкалар жана жергиликтүү бюджеттерге салыктардан чегерүүлөрдүн нормативдери оптималдашты-

***Бүгүнкү күндө жергиликтүү бюджеттердин бюджеттик камсыздалгандыгын теңдештирүү системасы буга чейин коюлган бардык тапшырмаларга жооп берет жана көбүрөөк даражада өзүнүн эффективдүүлүгүн көрсөтө алды. Анткен менен бюджеттер аралык мамилелерде жүргүзүлүп жаткан реформалар менен катар Кыргыз Республикасы Бажы биримдигине киргенине байланыштуу өзгөрүүлөр салыктык жана бажы мыйзамдарында да болду.***

рылып, орто мөөнөттүү келечекте өзүнүн жөнгө салуучу функциясын аткарышы керек. Б.а. бирдиктүү, текши, туруктуу болууга тийиш. Бул болсо кирешелерди божомолдоонун усулдарын көбүрөөк натыйжалуу кылып, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын реалдуу киреше мүмкүнчүлүктөрүн баалоо ишин жеңилдетет.

Бүгүнкү күндө жергиликтүү бюджеттердин бюджеттик камсыздалгандыгын теңдештирүү системасы буга чейин коюлган бардык тапшырмаларга жооп берет жана көбүрөөк даражада өзүнүн эффективдүүлүгүн көрсөтө алды. Анткен менен бюджеттер аралык мамилелерде жүргүзүлүп жаткан реформалар менен катар Кыргыз Республикасы Бажы биримдигине киргенине байланыштуу өзгөрүүлөр салыктык жана бажы мыйзамдарында да болду.

2017-жылдын бюджетинде сатуудан салыктан түшкөн акча азайган. Буга товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү экспорттоодон жана Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары жайгашкан товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуудан салык алынбай калганы себеп болду. Мындай ченемдер Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 31-декабрындагы №235 “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Салык кодексине, „Кыргыз Республикасынын Салык кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө“ Кыргыз Республикасынын Мыйзамына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Мыйзамына киргизилген. Сатуудан салыктан түшкөн каражат 2073,3 млн. сомду түзгөн, бул болсо 2016-жылга салыштырмалуу 2727,2 млн сомго же 43,2% аз (2016-жылы – 4800,6 млн. сом болгон).

КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 30-майындагы №302 “Айыл аймактарынын жана шаарлардын жергиликтүү бюджеттеринен каржылануучу билим берүү уюмдарын Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин аймактык бөлүмдөрү аркылуу республикалык бюджеттен каржылоого которуу жөнүндө“ токтомуна ылайык, Бишкек шаарын кошпогондо, жергиликтүү бюджеттердин билим берүү системаларында каржылоо бөлүгүндө түп-тамырынан өзгөрүүлөр болду. Анткен менен жергиликтүү бюджеттерде чыгашалардын бир бөлүгү сакталып кала берген. Тагыраак айтканда, билим берүү объекттерин күтүү жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр.

Жергиликтүү бюджеттерде билим берүү болжол менен 6,9 млрд. сомду түзөт. Алардын ичинен болжол менен 3,5 млрд сом Бишкек ш. билим берүүсүнө кеткен чыгашалар түзөт. Мындай чыгашаларга төм. кирет: эмгек акы фонду, тамактануу, окуу чыгымдары, иш сапар чыгымдары ж.б.

Жогоруда аталган токтомго ылайык, 2018-жылы билим берүү системасынын чыгашаларын республикалык бюджетке которуу пландалууда. Бул болсо жергиликтүү бюджеттердин көлөмүн реалдуу кыскартат.

Мисалы, Бишкек шаары боюнча эмгек акы фондунун көлөмү 2,2 млрд сомду же Бишкек шаарынын билим берүүсүнө кеткен чыгашалардын жалпы көлөмүнөн 63,0% түзөт. Билим берүү системасы киши башына каржылоо принцибине өткөндүктөн каржылоонун көлөмү КР Билим берүү жана илим министрлигинин киши башына каржылоону эсептөө методикасына ылайык аныкталат жана республикалык бюджетен каржыланат.

Дотациядагы ЖӨБ органдарынын санын кыскартуу маселесин чечүү, жергиликтүү бюджеттердин киреше базасын бекемдөө жана административдик-аймактык реформаны ийгиликтүү өткөрүү үчүн орто мөөнөттүү келечекте төмөнкүлөр максатка ылайыктуу болот:

- билим берүү мекемелеринин объекттерин күтүүгө кеткен жана ЖӨБ органдарына бекитилип берилген чыгымдарды кошкондо, билим берүүнү каржылоо системасын республикалык бюджетке өткөрүү (бардык чыгашаларды);
- сатуудан салыктан чегерүүлөрдүн нормативдерин республикалык бюджеттин пайдасына 100% көлөмүндө белгилөө;
- киреше салыгынан чегерүүлөрдүн жаңы нормативдерин жана билим берүү системасын алып салуу менен жергиликтүү бюджеттердин чыгашаларынын жаңы көлөмүн эсепке алып, теңдештирүүчү гранттарды эсептеп чыгуу;
- билим берүүнү каржылоо системасын республикалык бюджетке которуу боюнча чыгашалардын азайган суммасына товарлардын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту сатуудан салыктан бошотулганына байланыштуу азайган кирешенин көлөмүн эсептеп чыгуу;
- административдик-аймактык реформаны 3 этап менен жүргүзүү:
  - *1-этап – чабал жана күчтүү айыл өкмөттөрүн ирилештирүү жана бириктирүү;*
  - *2-этап – айрым жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына чакан шаар статусун берүү;*
  - *3-этап – райондорду ирилештирүү.*

Салык агенти төлөгөн киреше салыгынан түшүүлөрдүн үлүшү көбөйгөнүнөн алып караганда салык агенти төлөгөн киреше салыгы боюнча чегерүүлөрдүн нормативдери этап-этабы менен өзгөрөт деп божомолдосо болот. Бул өзгөрүү жергиликтүү бюджеттердин пайдасына төмөнкүчө көбөйөт:

- 2019-жылы салык агенти төлөгөн киреше салыгынан чегерүүлөрдүн нормативдерин 70% көлөмүндө белгиленет,
- 2020-жылы салык агенти төлөгөн киреше салыгынан чегерүүлөрдүн нормативдерин 80% көлөмүндө белгиленет.

| Саны | ЖӨБОнун аталышы | Киреше салыгынын контингенти | 2018-жыл | | 2019-жыл | | 2020-жыл | | 2021-жыл | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 484 | Жергиликтүү бюджеттердин баары | 6807119 | Жергиликтүү бюджетке чегерүүлөр | 3403559 | Жергиликтүү бюджетке чегерүүлөр | 4764983 | Жергиликтүү бюджетке чегерүүлөр | 5445695 | Жергиликтүү бюджетке чегерүүлөр | 6807119 |
| 2 | Респ. маанидеги шаарлар | 5583765 | 50% | 2791882 | 70% | 3908635 | 80% | 4467012 | 100% | 5583765 |
| 12 | Обл. маанидеги шаарлар | 1223354 | 50% | 611677 | 70% | 856347 | 80% | 978 683 | 100% | 1223354 |
| 17 | Рай. маанидеги шаарлар | 891376 | 50% | 445688 | 70% | 623963 | 80% | 713 100 | 100% | 891376 |
| 453 | Айыл өкмөттүн бюджети | 2736 405 | 50% | 1368 202 | 70% | 1915 483 | 80% | 2189 124 | 100% | 2736405 |


- 2021-жылы салык агенти төлөгөн киреше салыгынан чегерүүлөрдүн нормативдерин 100% көлөмүндө белгиленет.

Чегерүүлөрдүн нормативдеринде өзгөрүүлөр жергиликтүү бюджеттерге кандай таасир тийгизе турганын таблицадан көрө аласыз.

Таблицадан көрүп турганыңыздай, болжолдуу маалыматтар боюнча, 2019-жылы 2018-жылга салыштырмалуу жергиликтүү бюджеттердин көлөмү көбөйөт. Б.а., көбөйүү жергиликтүү бюджеттердин кирешелерине, анын ичинде жаңыдан бириккен айыл өкмөттөрдүн кирешелерине оң таасирин тийгизет.

Анализдин негизинде өткөн жылдар менен салыштыруулар 1-диаграммада көрүнүп турат. Мында жергиликтүү бюджеттердин тобунун алкагында шаарлар боюнча да, дээрлик бардык айыл өкмөттөрү боюнча да кирешелердин өсүшү байкалат.

***1-диаграмма. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кирешелериндеги өсүштүн божомолу, миң сом менен***




Республикалык бюджеттин эсебинен бюджеттик камсыздалгандыкты теңдештирүү үчүн алдын ала маалыматтар боюнча, теңдештирүүчү гранттардын көлөмү 2019-жылы 2016-жылдагы деңгээлге чейин кыскарат. Бул болсо 2017-2018-жылдарга салыштырмалуу 195,2 млн. сомго же 89,3% аз дегенди билдирет. Теңдештирүүчү гранттардын көлөмдөрү дотациядагы ЖӨБ органдарынын чыгаша милдеттенмелеринин олуттуу бөлүгүн толук өлчөмдө камсыздап берет. Бирок буга айлык акыны жана тарифтерди жогорулатууга байланышкан учурлар кошулбайт. Ушундай эле кырдаал 2020-жылы да, 2021-жылы да сакталат.

Алдын ала маалыматтар боюнча, республикалык бюджетке жылдык жүк 1,5 млрд. сомду түзөт. Мунун чоң бөлүгүн билим берүү системасынын чыгашаларын республикалык бюджетке которууга кеткен чыгашалар түзөт. Андан кийинки орунда салык агенти төлөгөн киреше салыгы боюнча чегерүүлөрдүн нормативдеринде жергиликтүү бюджеттердин пайдасына өзгөрүүлөрдүн көлөмдөрү турат.

Алдын ала маалыматтар боюнча, 2019-жылы айыл өкмөтүнүн саны болжол менен 373 болот. Дотацияда турган айыл өкмөттөрдүн саны 2017-2018-жылдарга салыштырмалуу орточо 50-60 айыл өкмөткө кыскарып, 322-332 айыл өкмөтү калат (2017-жылы – 382 айыл өкмөтү).

# Башкаруу усулдарын жаштар көрсөтүүдө

## Муниципалдык кызматтын келечеги жаш изилдөөчүлөрдүн жана студенттердин көзү менен



**Нургуль ЖАМАНКУЛОВА,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун коомчулук менен байланыш боюнча адиси, ӨСИ
“Слово Кыргызстана” гезитинин кабарчысы **Галина ЛУНЕВАнын**
макаласынан үзүндүлөр колдонулду

Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын студенттери жана жаш изилдөөчүлөр ушуну менен үчүнчү жолу өткөн мамлекеттик жана демократиянын өзөгүн түзгөн жергиликтүү өз алдынча башкарууну изилдөө боюнча конкурста ат салышты.

2017-жылдын 14-июнь күнү Бишкекте Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясында жаш изилдөөчүлөрдүн III жогорку окуу жайлар аралык илимий-практикалык конференциясы өттү. “Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу: абалы жана келечеги – 2017” деп аталган конференцияга 70ке жакын адам катышты. Алардын назарына Конкурстук комиссия тандап алган баяндамалар тартууланды. Баяндамаларын эл алдында коргоо үчүн байгеге талапкерлер чакырылды. Болочоктогу муниципалдык аткаминерлер жергиликтүү бийлик тууралуу канчалык жакшы билээрин далилдешип, диплом алып, кызматка киришкенде эмнелерди өзгөртөрү тууралуу ой бөлүштү.

Өлкөдөгү жогорку билим берүүнүн эң көйгөйлүү маселелеринин бири – окуунун практика менен байланышынын чабалдыгы. Бул болсо реалдуу ишке көнбөгөн, өз алдынча башкаруунун өнүгүүсүнүн дүйнөлүк тенденциясынан кабарсыз чийки адистердин пайда болуусун шарттап жатат.

Бүгүнкү күндө ЖӨБдүн өнүгүүсү жана кадрларды даярдоо менен алектенген өзөктүк институттар – маморгандар, бейөкмөт уюмдар жана профилдик жогорку окуу жайлар бул көйгөйдү чечүү үчүн күчтөрүн бириктиришти. Максаты – студенттерде

– болочоктогу башкаруучуларда муниципалдык тейлөөнүн сапатын жогорулатууга кызыгуусун жаратып, аларга практика жүзүндө өздөрүн сынап көрүүгө шарт түзүп, жергиликтүү өз алдынча башкаруу институттарын өркүндөтүүнүн ыкмаларын таап, илимий ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө көмөктөшүү.

Конференциянын катышуучуларынын алдында Мамлекеттик кадр кызматынын директорунун орун басары Калыбек АЛЫШБАЕВ, Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамагенттиктин директорунун орун басары Михаил ХАЛИТОВ, Өнүктүрүү саясат институтунун Башкаруу төрайымы Надежда ДОБРЕЦОВА жана башкалар сөз сүйлөштү.

Конференцияга болочок менеджерлер – аймактарды кошкондо өлкөбүздүн 16 жогорку окуу жайынан 110дон ашуун киши катышты. Өздөрүнүн илимий жетекчилери менен жергиликтүү көйгөйлөрдү чечүү жөндөмүн сынап көрүштү. Ал эми жергиликтүү көйгөйлөр булар – аймактарды таза суу менен камсыздоо, шаардын чет жакасындагы курулмалардын ремонту, таштанды маселелери, балдардын жана өспүрүмдөрдүн бош убактысын уюштуруу, кары-картаңдарга жана көп балалуу үй-бүлөлөргө кам көрүү.

“ЖӨБОнун өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруусун жакшыртуу” темасына баяндама менен КР Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын 2-курсунун студенти Ажыбек ТУРУМБЕКОВ; “Кыргыз Республикасында ЖОБдү өнүктүрүүдө дем берүүчү гранттардын ролу” темасында Башкаруу академиясынын 3-курсунун студенти Кадыров Арген баяндамалары менен тааныштырса, Нарын мамлекеттик университетинин 4-курсунун студенти Саадат МЕДЕРБЕКОВА аймактык экономикадагы реформалар тууралуу айтып берди.

Балыкчы шаарын өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландын дарегине, жарандык коомдун активдүүлүгүнө, ошондой эле жергиликтүү жамааттар менен бизнестин өз ара аракетине карата сын пикирлер айтылды.

Өспүрүмдөр арасында көбөйгөн суицид көрүнүштөрүн алдын алуу жолдору, ЖӨБдүн мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар үчүн жагымдуу шарттарды түзүп берүү мүмкүнчүлүгү жана көчмөн калктын салттарын жаңылоо өңдүү темалар катышуучулардын назарын бурду.

Айталы, жаш адистер өз алдынчалуулук – бул



биринчи кезекте кабыл алган чечимдер үчүн жоопкерчилик болгонун ырасташты. Билимдүү адамдар гана мындай жоопкерчиликти өзүнө алышат. Анын үстүнө азчылыктын пикирин эсепке алуу – бул демократиянын элементи болгону, аларды биздин коомдо өнүктүрүү зарылдыгы баса белгиленди. Конкурстун катышуучулары Финансы министрлиги жыл сайын аймактарга бөлүп турган теңдештирүүчү гранттар системасын жөнөкөйлөштүрүүнү, аны дем берүүчү грантка алмаштырууну сунушташты. Азырынча эрте эмеспи? Дүйнөлүк практикада ири жана күчтүү аймактардан алынган пайданы кайра бөлүштүрүүнүн эсебинен алыскы чабал райондорду колдоо кеңири жайылган көрүнүш.

Балким мындай ыкма жыйынтыгын бериши мүмкүн, бирок жакынкы келечекте эмес. Анын үстүнө буга өтө дыкат, бара-бара өтүш керек. Конституция боюнча табигый потенциалына, бай же жакыр аймакта жашаганына карабастан бардык жарандар өз муниципалитеттеринен бирдей кызмат көрсөтүүлөрдү алышы керек.

Студенттерден – конференциянын катышуучуларынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу институтун өркүндөтүү боюнча көптөгөн сунуштар түштү. Балким бул сунуштар кийин жаш адистердин практикалык ишинин өзөгүн түзүшү мүмкүн.

## Баяндамаларды баалоо жана жеңүүчүлөр

“Түшкөн эмгектер жашыруун бааланды, бардык иштерге код коюлгандыктан баа объективдүү болду. Өнүктүрүү саясат институтунун атынан бардык катышуучуларга жана комиссия мүчөлөрүнө жасалган иштер үчүн ыраазычылыгымды билдирем. Швейцариянын Өнүгүү жана Кызматташтык боюнча Башкармалыгы каржылаган жана биздин институт аткарган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоору алдыдагы жылдары бул конкурсту уюштурууга жана өткөрүүгө колдоо көрсөтө бермекчи. Бул жылы өткөн жылга салыштырмалуу аудитория тараптан да, комиссия мүчөлөрү тараптан да суроолор көп болот деп үмтөтөм. Буга чейин ушул темада эки конференция 2015-2016-жылдары өткөн. Ал эми үчүнчү конференция Өүнүктүрүү саясат институту менен КР Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик, КР Мамлекеттик кадр кызматы, КР Президентине караштуу Башкаруу академиясы ортосундагы жемиштүү кызматташтыктын натыйжасында өттү. Финансылык колдоону Швейцариянын Өнүгүү жана Кызматташтык боюнча Башкармалыгы каржылаган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоору (мындан ары – Долбоор) финансылык колдоо көрсөттү, - деп айтты Надежда ДОБРЕЦОВА.

“Өнүктүрүү саясат институту жигердүү маалымат өнөктүгүн жүргүздү. Ал эми 2016-жылдын этегинде

30 илимий жетекчи жана конкурстун болочоктогу жүзгө жакын катышуучусу арасында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун актуалдуу темалары боюнча семинарлар өткөрүлдү. Аймактык катышуучулар үчүн скайп-вебинарлар өткөрүлүп, бардык катышуучулар эксперттердин баяндамалары, таратып берме материалдар менен камсыздалган. Өлкөнүн жогорку окуу жайларында салтка айланып калган ачык лекциялар өтүп, аларга 300дөн ашуун студент жана окутуучулар катышты. Ачык лекциялардын катышуучулары эксперт-практиктер менен ЖӨБдүн адамдардын күнүмдүк жашоосуна тийгизген таасирин талкуулап, баяндама үчүн тема боло ала турган көйгөйлөрдү аныктап чыгышты, - деп айтты Өнүктүрүү саясат институтунун атынан конкурстун координатору Гузель ЖАНАЛИЕВА.

Конкурстук комиссия баяндамаларды үч этап менен баалады: плагиатка жана талаптарга шайкештиги текшерилди, мазмуну, оригиналдуулугу, аудиториянын суроолоруна жүйөлүү жана ар тараптуу жооп бере алуу жөндөмү бааланды. Башкача айтканда татыктуу баяндама жазып коюу аздык кылат. Баяндаманы курдаштары жана ЖӨБ чөйрөсүндөгү тажрыйбалуу эксперттер алдында конференцияда алып чыгып, коргоп берүү да өтө маанилүү.

Мыкты баяндамалар баалуу белектер, дипломдор жана шыктандыруучу байгелер менен бааланды. Илимий жетекчилердин салымы да унутта калган жок. Ал эми студенттер алган сертификаттарды Бишкектеги китеп дүкөндөрүнүн биринде китепке алмаштырып, кагаз түрүндө же электрондук вариантта китептерди алышты.

## Конкурстук комиссиянын чечими менен, байгелүү орундар төмөнкүдөй болуп бөлүштүрүлдү:

**1-орун** – КР Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын 3-курсунун студенти МАМЫТБЕКОВ Эмирге "Жергиликтүү жамааттардын жана бизнестин өз ара аракеттенүүдөгү көйгөйлөрү" баяндамасы үчүн; илимий жетекчи – АЛЫБАЕВА Гульдана;

**2-орун** – КУЛЧОРОЕВА Аделина, Жусуп Баласагын атындагы КУУнун 3-курсунун студенти, "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга ыңгайлуу шарт түзүүдөгү мүмкүнчүлүктөрү жана ролу" баяндамасы үчүн; илимий жетекчи – НУРМАТОВА Гулсайра;

**3-орун** – ТАГАЕВ Максат, КР Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын 3-курсунун студенти, "Балыкчы шаарынын Стратегиялык өнүгүү планы: перспективасына сынчыл көз караш" баяндамасы үчүн; илимий жетекчи – АЛЫБАЕВА Гульдана.



## Шыктандыруучу байгелер менен сыйлангандар:

ТУРУМБЕКОВ Ажыбек, КР Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын 2-курсунун студенти, «Мамлекет тарабынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктардын ишке ашырылышын жакшыртуу" баяндамасы үчүн; илимий жетекчи – ДҮЙШӨ КЫЗЫ Нуржан;

КАДЫРОВ Арген, КР Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын 3-курсунун студенти, "Кыргыз Республикасында ЖӨБдү өнүктүрүүдө дем берүүчү гранттардын ролу" баяндамасы үчүн; илимий жетекчи – ТУРСУНОВА Салтанат;

ИРИСБАЕВ Абдыкадыр, Ош технологиялык университетинин 2-курсунун студенти "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга ыңгайлуу шарт түзүүдөгү мүмкүнчүлүктөрү жана ролу" баяндамасы үчүн; илимий жетекчи – КАСЫМОВА Сюита;

САМАТОВА Айкыз, Жусуп Баласагын атындагы КУУнун 2-курсунун студенти, "Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу" баяндамасы үчүн; илимий жетекчи – ИБРАЕВА Венера;

ДУЙШЕЕВ Азамат, КР Президентине караштуу Кыргыз Мамлекеттик Юридикалык академиянын 3-курсунун студенти, "Кыргыз элинин каада-салттарын сактап калуу жана модернизациялоодо жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ролу жана мүмкүнчүлүктөрү" баяндамасы үчүн; илимий жетекчи – МУСАЕВА Венера;

САДЫРОВА Айжамал, Милициянын генерал-майору Э.А.Алиев атындагы ИИМ Академиясынын 3-курсунун студенти, "Жашы жете электер арасында өз жанын кыюуларды алдын алууда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ролу" баяндамасы үчүн; илимий жетекчи – КАДЫРОВА Чолпон.

## Конференциянын коногу: өлкөнүн туруктуулугу жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен аныкталат

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасы жөнүндө жалпысынан жаш изилдөөчүлөр конференциясынын коногу, Латвиянын Жергиликтүү

жана Аймактык Өз алдынча башкаруу Ассоциациясынын төрагасы Андрис ЯУНСЛЕЙНИС айтып берди.

"Европанын көпчүлүк өлкөлөрүндө өз алдынча башкаруу ассоциациялары бар. Алар координациялоонун жана кызматташтыктын формасы болуп эсептелет. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун Европа хартиясына кошулган ар бир өлкө анын 10-беренесине ("Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ассоциацияга укуктары") да кошулат. Ассоциациянын негизги ролу – өз мүчөлөрүнүн, өз алдынча башкаруулардын кызыкчылыктарын коргоо, аларга негизги максатка – жашоочуларга сапаттуу кызмат көрсөтүүгө жетүүгө жардам берүү. Латвиянын Жергиликтүү жана Аймактык Өз алдынча башкаруу Ассоциациясы – ыктыярдуу коомдук уюм 1991-жылы негизделген. Ассоциацияны түзүүдө принципиалдуу маселе болуп төм. эсептелет: мүчөлүк (өз алдынча башкаруу жана ыктыярдуу гана), биримдик, азчылыктын пикирин эсепке алуу, каржылоо жана функциялар. Бирок бардык жерде мунасага жете билүү шарт. Азчылыктын пикирин эсепке алуу дегенде биз бир нерсени баамдашыбыз керек – көпчүлүктүн пикирин кабыл алуу менен, азчылык өз пикирин алмаштырбайт, алар ошол пикирде кала беришет. Келечекте ушуну эске алуу зарыл. Ошондуктан азчылык бара-бара пикирин алмаштырышы мүмкүн же ошол пикирде кала бериши ыктымал. Болбосо кайсы бир убакыт өткөн соң азчылык туура пикирде болгону белгилүү болушу мүмкүн. Биз муну өз убагында башыбыздан өткөрдүк. Силердин өлкөңөр да ушул жол менен бараткандыктан силер да ушул нерсени өздөштүрүшүңөр керек.

2009-жылы Латвияда административдик-аймактык реформа жыйынтыкталып, анын натыйжасында буга чейин 548 өз алдынча башкаруу болсо, анын ордуна 119 жергиликтүү өз алдынча башкаруу болгон: 110 муниципалитет (novads) жана 9 ири шаар. Латвияда жергиликтүү өз алдынча башкаруу орган эмес, тело болуп эсептелет (коомдук укуктары бар жеке жак). Башкача айтканда бизде ЖӨБ борбордук бийликтин аткаруучу органы эмес. Бизде жергиликтүү өз алдынча башкаруу өз алдынча жана ал мыйзам боюнча иш алып барат. Латвияда борбордук бийлик Парламент аркылуу гана ЖӨБдүн чечимдерине таасирин тийгизе алат. Биздин өлкө Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун Европа хартиясын ратификациялагандыктан, баары ушул документтин принциптерине негизделген. Анткени өз алдынчалуулук – бул жоопкерчилик дегенди билдирет; сен өз алдынча болуп туруп, ошол эле маалда жоопкерчиликти албай кое албайсың.

Жергиликтүү өз алдынча башкарууга шайлоолор төрт жылда бир жолу өткөрүлүп турат. Добуш берүү – түз, жашыруун, пропорционалдуу, тең укуктуу. Ал эми депутаттардын саны өз алдынча башкаруунун жашоочуларынын санына жараша болот. Саейма (Парламент) гана Министрлер кабинетинин сунушу боюнча өз алдынча башкаруу кеңешин таркатып, жаңы шайлоону жана шайлоо өткөнгө чейин убактылуу администрация дайындай алат.

Латвияда жергиликтүү өз алдынча башкаруу эки негизги функцияны аткарат: автономиялык жана өткөрүлүп берилген компетенциялар. Бул жагынан алып караганда биздин өлкөлөр окшош. Кыргызстан да бул жол менен баратат. Автономиялык функциялар "Өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамдын 15-беренесинде бекитилген. Бул мыйзамды "Өз алдынча башкаруулар үчүн конституциялык мыйзам" деп да атап коюшат. Бул демек анын статусу башка мыйзамдарга, айталы тармактык мыйзамдарга караганда жогору дегенди түшүндүрөт. Себеби ал өз алдынча башкаруунун иш системасын аныктайт жана тармактык мыйзамдар өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамга шайкеш келүүгө тийиш. Бул өтө маанилүү. Анткени калган бардык маселелер, анын ичинде өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарга байланышкан маселелер так макулдашылган. Себеби сен анда борбордук башкаруунун функцияларын аткарып жатпайсыңбы.

Биздин өлкөдө эксперимент жүргөн – 10 жыл бою өз алдынча башкаруулар кызматкерлеринин маяналарын өздөрү, мамлекеттик кийлигишүүсүз аныктап келишкен. 2008-жылы Латвияда экономикалык кризис болуп, биз кызматчыларга айлык акыны аныктоо жөнүндө мыйзамды кабыл алганбыз. Бул эксперименттен алган негизги сабак – бюджетте болгон жеткиликтүү каражатты бардык тараптардын кызыкчылыктарын эсепке алуу менен туура бөлүштүрүш керек.

Латвиядагы ЖӨБ системасынын дагы бир өзгөчөлүгү – мыйзамда бекитилген сүйлөшүүлөр системасы. Министрлер кабинети Сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү эрежелерин кабыл алган. Жол-жобонун милдеттүүлүгү пайдалуу, анткени министрлик жол-жобону сактайт. Сүйлөшүүлөр маалында каралган маселелер төмөнкүдөй болушу мүмкүн: жалпы мамлекеттик дотациялардын жана максаттуу дотациялардын өлчөмү, финансыны теңдештирүү тартиби, жаңы автономиялык функцияларды каржылоонун булактары, мыйзам долбоорлор жана Министрлер кабинетинин эрежелеринин долбоорлору ж.б.".

Ошондой эле Ассоциация төрагасы социалдык коргоо линиясы боюнча өз алдынча башкаруунун кызматкерлерин колдоо жана аларга дем берүү системасы жөнүндө да айтып берди. Мисалы, катар-катары менен бери дегенде эки жолу шайланган жана ал жерде 20 жылдын тегерегинде иштеген, бирок пенсияга чыгаарына 5 жыл калганда кайра шайланбай калган өз алдынча башкаруунун жетекчиси пенсия алганга чейин эки минималдуу маяна көлөмүндө пенсия алып турат. Буга кошумча анын социалдык камсыздандыруусу жана пенсиялык капиталы сакталуу бойдон кала берет. Баса, бүгүнкү күндө Латвияда минималдык айлык 760 еврону түзөт.

# Швейцариянын өнүктүрүү жана Кызматташтык боюнча Башкармалыгы каржылаган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” ДОЛБООРУНУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

Түрмөктү ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун коомчулук менен байланыш боюнча адиси **Нургуль ЖАМАНКУЛОВА** даярдады, ӨСИ

Жалпы редакция – **Сабина ГРАДВАЛЬ,** ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчисинин орун басары, ӨСИ



## Жарандардын бюджеттик процесске катышуу модели Нарын жана Ош облустарында жайылтылат

2017-жылдын жаз мезгилинде ЭҮЖӨБОЖ Долбоору жаңы облустарда – Нарын менен Ошто ишин баштады. Эскерте кетсек, 2011-жылдан 2017-жылга чейинки мезгил аралыгында Долбоор Жалал-Абад, Ысык-Көл жана Чүй облустарында иш алып барган.

Нарын жана Ош облустарында өнөктөш же максаттуу муниципалитеттер конкурстун негизинде иргелди. Максаттуу муниципалитеттерди (айылдык аймактарды жана чакан шаарларды) тандап алуу боюнча Конкурстук комиссия түшкөн 62 өтүнмөнү (Ош облусундагы ЖӨБ органдарынан 37, Нарын облусундагы ЖӨБ органдарынан 25) карап чыгып жана аларды баалап, төмөнкү муниципалитеттерди тандап алды:

1. Ак-Талаа району – Ак-Тал АА;
2. Ат-Башы району – Ак-Муз АА;
3. Кочкор району – Кара-Суу АА;
4. Жумгал району – Чаек АА;
5. Нарын району – Учкун АА;
6. Өзгөн району – Ак-Жар АА,
7. Өзгөн району – Жазы АА;
8. Кара-Суу району – Шарк АА,
9. Кара-Суу району – Кызыл-Суу АА;
10. Ноокат району – Көк-Жар АА,
11. Ноокат району – Гүлистан АА;
12. Араван району – Мангыт АА;
13. Алай району – Булел АА;
14. Чоң-Алай району – Чоң-Алай АА;
15. Кара-Кулжа району – Ылай-Тал АА.

# Жаңы өнөктөштөр менен багыт берүүчү жолугушуулар




15 жаңы максаттуу муниципалитеттерде айыл өкмөтүнүн (АӨ) кызматкерлерин, айылдык кеңештердин (АК) депутаттарын жана жергиликтүү жамааттын лидерлерин кошкондо актив менен жолугушуулар өттү. Бул жолугушууларга 500гө жакын киши, алардын ичинде болжол менен 150 аял катышты.

Жолугушуулардын жүрүшүндө катышуучулар Долбоордун иши жана кызматташуу үчүн түзүлүп жаткан мүмкүнчүлүктөр менен таанышып, максаттуу өнөктөш болуу менен, жамааттар жана ЖӨБ органдары өз районундагы башка муниципалитеттер үчүн үлгү болуп калышарын билишти. ЭУЖӨБОЖ Долбоору менен кызматташуунун негизги этаптары кызматташуу жөнүндө меморандумдарда көрсөтүлдү. АӨ башчылары жана жергиликтүү кеңештердин төрагалары менен жолугушуулардын жүрүшүндө ушул меморандумдарга кол коюлду.

"Жолугушууларда бизге алдыда боло турган иш-чаралар жана күтүлгөн жыйынтыктар тууралуу кенен маалыматтар берилди. Бул жыйынтыктарга жетүү эки тарап үчүн тең – ЭУЖӨБОЖ Долбоору жана максаттуу муниципалитеттер үчүн абдан маанилүү, - деп айтып берди Долбоордун ЖӨБ органдары менен иш алып барган адиси Танат ОСМОНКУЛОВ. – Катышуучулардын арасында жаштардын өкүлдөрүн көрүү өтө жагымдуу болду. Алар Долбоордун мүмкүнчүлүктөрүнө чоң кызыгуусун билдиришти. Аны менен катар Нарын районунун Учкун айылдык аймагындагы жаштар комитетинин төрагасы Амантур ДООТАЛИЕВ "Жергиликтүү демилге" конкурсуна катыша ала турган идеялары жана демилгелери менен бөлүшүүгө даяр экен".

Нарын облусундагы аймактарынын биринин жергиликтүү кеңешинин депутаты Кенжебек САПАРБЕК уулу жолдун алыстыгынан улам көпчүлүк донорлор алар менен иштешкиси келбей турганын, буга байланыштуу ушул өңдүү долбоорлор менен кызматташуу чөйрөсүндө тажрыйбалары аз болгонун белгиледи. "Бирок биз силердин жардамыңар менен, окутуучу жана башка иш-чараларыңарга катышуу аркылуу жакшы жыйынтыктарга жетүүгө аракет жасайбыз", - деди ал.

Жумгал районундагы Чаек муниципалитетинин өкүлү Рустам АЛЫМКУЛОВ жергиликтүү тургундарды чогулуштарга жана айылдык жыйындарга катышууга тартуу жолдоруна кызыкты. "Биз тургундарды ушул өңдүү коомдук иш-чараларга кызыктырып, тартуу үчүн ар кандай аракеттерди көрүп келебиз. Бирок азырынча мындан натыйжа чыкпай жатат. Кандай чараларды көрсө болорун Долбоордун жардамы менен аныктап алабыз деп ишенем".

Алдыга коюлган максаттарга жетүү үчүн көп иштерди жасаш керектигин биринчи жолу Ак-Муз айыл өкмөтүнүн башчысы Азатбек КАПАТОВ айтты. "Бул Долбоорду ишке ашыруунун алкагында биз жергиликтүү жамааттын Уставын тез арада кабыл алуу боюнча бардык зарыл иш-чараларды өткөрүүнү пландап жатабыз. Андан кийин бул документти көбөйтүп, муниципалитетибиздеги ар бир жашоочуга таратып берүүнү чечтик. Себеби бул иш-чара жергиликтүү деңгээлде көптөгөн маселелерди чечүүгө жардам берет. Аймакта биз жергиликтүү жамааттын Уставына киргизгибиз келген маселелер каралды. Бүгүн болсо Долбоор тарабынан ушул тапшырманы аткарууга көмөктөшүү планы бар болгонун уккандан кийин биз сапаттуу, жамаат үчүн пайдалуу Уставды кабыл алабыз жана жамаат айылда өзүнүн турмуштук эрежелерин иштеп чыгып, аны сактоого даяр деп ишенебиз".

Нарын районунун Учкун айыл өкмөтүнүн башчысы Касымакун МАМЫРБАЕВ алардын муниципалитетин максаттуулардын катарына кошкону үчүн Долбоорго ыраазычылыгын билдирди: "Бүгүнкү

жолугушуулардан кийин мен алдыда жасачу көп иш бар экенин баамдадым. Бирок биз мындан коркпошубуз керек. Анткени жыйынтыгы биринчи кезекте биз үчүн керек. Ошондуктан мен бардык катышуучуларды, ошондой эле биздин аймактын бардык жашоочуларын аймакта өтө турган бардык иш-чараларга жигердүү катышып берүүгө, өзүбүзгө алып жаткан чоң жоопкерчиликти унутпоого чакырам".

"Ар бир муниципалитет менен Долбоор ортосунда түзүлгөн Кызматташуу жөнүндө Меморандум айыл өкмөт башчылары жана айылдык кеңештин төрагалары башында турган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү үчүн маанилүү окуя болду. Муну катышуучулар өздөрү да белгилеп жатышты. Алар кызматташтыктан эмнелерди күтүп жатканын айтып беришти. Мисалы, Кара-Суу айыл өкмөтүнүн башчысы биринчи жолу башчы болуп шайланганын, ал үчүн жергиликтүү жамаат менен биргеликте айылдык аймакты өнүктүрүү багытында өз ишин пландап алуу өтө маанилүү болгонун белгиледи. Бул иште биздин Долбоор ар тараптуу жардам көрсөтөт", - деп белгиледи Долбоордун ЖӨБ органдары менен иш алып барган адиси Роза СУРАНЧИЕВА.

Алай районунун Бүлөлү АӨ башчысы демилгелер тууралуу пикирин билдирди: "Демилгени калк көтөрүп чыгышы керек, жарандар көйгөйлөрдү туюндуруп бериши абзел. Ал эми ЖӨБ органдары жарандардын суроо-талаптарына реакция жасоого тийиш. Биз бул долбоорго катышуу менен эффективдүү жыйынтыктарга жете аларыбызды түшүндүк. Конкурста жеңүүчү деп табылып, ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун максаттуу муниципалитети деп тандалганыбызды билгенден кийин тандап алуу процесси адилеттүү өткөнүнө ынандык".




Өзгөн районунун Жазы муниципалитетинин АӨ башчысы жана айылдык кеңештин төрагасы айыл өкмөттүн атынан Долбоордун координаторлорунун кызматына талапкерлерди тандап алуу үчүн убакыт берүүнү өтүнүштү: "Биз координаторлорду тандап алуу маселесин өтө дыкат карап чыгышыбыз керек. Анткени бул абдан маанилүү маселе. Координатор компьютерди жакшы өздөштүргөн, сабаттуу, орус жана кыргыз тилдерин билген адам болушу керек".

"Эки жылга созула турган өнөктөштүк маалында эффективдүү кызматташтык жана мыкты жыйынтыктарга жетүү үчүн ар бир муниципалитеттен экиден координатор аныкталды. Алардын катышуусунда Долбоор менен кызматташуу боюнча иш планын талкуулап алдык", - деп айтты Долбоордун Ош облусундагы жарандык катышуу боюнча консультанты Айбек БАЛТАБАЕВ.

# Нарын жана Ош облустарынын АӨ кызматкерлери менен жергиликтүү активисттери жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо боюнча алгачкы иш-чараларды өткөрүштү

2017-жылдын 15-23-июнь күндөрү Нарын облусунун беш элеттик муниципалитетинин аймагында эки күндүк окуу иш-чаралары өттү. Ак-Талаа, Учкун, Чаек, Ак-Муз жана Кара-Суу айылдык аймактарында өткөн тренинг ЖӨБ органдары чечим кабыл алууда жергиликтүү жамааттын артыкчылыктарын эсепке алуусуна арналды.

Тренингге айыл өкмөт башчысы жана адистери, айылдык кеңештин депутаттары жана жергиликтүү кеңештин лидерлери баш болгон жүздөн ашык адам катышты. "Тренингдер жергиликтүү бюджеттин каражаттарын бөлүштүрүүнү кошкондо, жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча чечим кабыл алууда ЖӨБ органдары жергиликтүү жамааттын артыкчылыктарын эсепке алуусу үчүн шарт түзүү максатын көздөдү, - деп айтып берди Долбоордун Нарын облусу боюнча координатору Акысбек ДОСОЕВ. – Биздин алдыбызда бир нече тапшырма турган, аларды катышуучулардын жигердүү катышуусу менен аткара алдык. Окуунун алгачкы күнү катышуучулар жергиликтүү жамааттын артыкчылыктарын эсепке алуу Модели, аны менен катар жамааттын муктаждыктарын жана керектөөлөрүн үйрөнүп, артыкчылыктуу көйгөйлөрдү аныктоо максатында Жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо (ЖМБА) иш-чараларын өткөрүү боюнча теориялык билимге ээ болушту. Экинчи күн толугу менен ЖМБА механизмдерин колдонуу боюнча практи-



калык көнүгүүлөргө арналды. Анын жүрүшүндө катышуучулар 3 топко бөлүнүп, жергиликтүү жамааттын 300гө жакын өкүлүнүн катышуусу менен ЖМБА-сессияларын өз алдынча өткөрүштү. Бул үч топ куррактык категориялар боюнча шарттуу түрдө бөлүнгөн: 14-28 жаш, 29-54 жаш, 55 жана андан жогору курактагылар. Катышуучулар муну менен артыкчылыктуу көйгөйлөрдү аныктап чыгышты. Аялдардын катышуусунун деңгээли – 146 аял – бизди абдан кубандырганын белгилей кетүү зарыл".

Өткөрүлгөн тренингдердин натыйжасында катышуучулардын билимдеги өсүш динамикасы 47,3% түздү. Кочкор районунун Кара-Суу айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы Н.МУКАНОВдун айтымында, тренингдин практикалык бөлүгү өзгөчө пайдалуу болду."Катышуучуларга бардык тараптардын – АӨ, АК жана жергиликтүү жамааттын ролдорун аткартуу идеясы абдан жакшы болгон. Ар бирибиз бул ролдорду жон терибиз менен сездик. Анткени көп учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын гана айыптай беришет эмеспи. Ал эми ЭҮЖӨБОЖ долбоору өткөргөн тренингдердин жардамы менен биз Кыргызстандын мыйзамдарынын талаптарын сактоо менен, турмуш шарттарды жакшыртуунун жолдорун көрө алдык".

Башка бир катышуучу – Ак-Талаа районунун Ак-Талаа айылдык кеңешинин депутаты Т.МАМЫТОВА бул тренингге катышкандан кийин мурдагыдан да көбүрөөк жоопкерчилик сезип калганын белгиледи. "Буга чейин биз түрдүү окууларга көп катышканбыз. Бирок КР мыйзамдарынын негиздерин үйрөтүшчү эмес жана биз эч кандай жоопкерчиликти сезген эмеспиз. Бул жолу башкача болду: теория практика менен бекемделип, анын жүрүшүндө биз ушул иш-чаралар үчүн жоопкерчиликти абдан сездик".

Ушундай эле тренингдер Ош облусунда да өттү. Долбоордун Ош облусу боюнча координатору Абдылбоки ТОЛИПОВ буларды айтты: "Кара-Суу районун Шарк айылында болут өткөн тренингдин биринчи күнүндө катышуучулар теориялык билим алышып, "жергиликтүү маанидеги маселелер", "жергиликтүү жамааттын катышуусу жана мунун мааниси", "жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо" ж.б. өңдүү түшүнүктөрдүн маанисин чогуу талкуулашты. Ал эми экинчи күн толугу менен алган билим менен үйрөнгөн көндүмдөрдү практикада колдонууга арналды. Окуунун натыйжасында ЖӨБ органдары жана жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жана бюджеттик процессте жергиликтүү жамааттын артыкчылыктарын эсепке алуу Модели тууралуу билим алышып, калктын керектөөлөрүн жана артыкчылыктарын аныктоо үчүн Жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо (ЖМБА) усулдарын колдонуу боюнча көндүмдөрүн жакшыртышты. Мындан тышкары ЖӨБ органдарында ушул Моделди колдонуу менен жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жергиликтүү жамаатты тартууга даярдыгынын деңгээли жогорулады. 19 кишиден турган Жумушчу топтун жана ЖМБА иш-чараларынын комплексин өткөрүү боюнча болжолдуу графиктин түзүлгөнү буга мисал боло алат. Ошондой эле катышуучулардын билимдеги өсүш динамикасы 43,4% түзгөнүн белгилей кетүү зарыл".

Жаңы билим жана көндүмдөр канчалык эффективдүү өздөштүрүлгөнүн аныктоо максатында катышуучуларга Падаван айылында ЖМБА-сессиясын өз алдынча өткөрүү сунушталды. Ага 14-28, 29-54, 55 жана андан жогору курактагылар деп 3 топ катышты. ЖМБА-сессияларына катышкан 53 киши төмөнкүдөй көйгөйлөрдү аныктап чыкты

Жергиликтүү бюджет тууралуу маалымат тартыш (ЖМБА усулунун жыйынтыктары), билим берүү үчүн шарттар жок (тамактануу үчүн шарт жок, короо тосмолонгон эмес, китепканада китеп тартыш), КТК, спорт менен алектенүү үчүн шарттар жок, ичүүчү суу, жолдор, тротуар, светофор жок, ооруканадагы шарттар начар; 14-28 курактагылар кирген топ, катышуучулар: 15 киши, алардын ичинен төртөө аялдар.

Жолдордун абалы начар, мектептеги билим берүү системасында, ооруканаларда шарттар начар, мектепке чейинки билим берүү үчүн (бала бакчалар) шарттар түзүлгөн эмес; 29-54 курактагылар кирген топ. Катышуучулар: 20 киши, алардын ичинен 16сы аялдар. Тротуарлар жок, таза суу тартыш, мектепке чейинки билим берүү үчүн шарттар жок; 55 жана андан жогору курактагылар кирген топ. Катышуучулар: 18 киши, алардын ичинде 7 аял.

Тренингдин практикалык бөлүгүнүн жүрүшүндө катышуучулар бардык тараптардын катышуусу маанилүү болгонун, анткени бул маалымат менен алмашууга жардам берээрин, ал эми колдонулган механизмдер жөнөкөй жана жетимдүү болуп, ЖМБА-сессиялардын катышуучулары менен мамилени тез арада жөнгө салууга жардам бергенин белгилешти. 55 жана андан жогору курактагылар тобуна кирген Падаван айылынын аксакалы

ыраазычылыгын билдирди: "Тарыхыбызда биринчи жолу бизге, карапайым элеттиктерге жергиликтүү көйгөйлөрдү талкуулоо үчүн келишти. Бүгүн биз көтөрүп чыккан көйгөйлөр келечекте айыл өкмөтүнүн пландарында чагылдырылып, аларды чогуу чечебиз деп үмтөтөм. Ал эми колдонулган усулдар бизге окшогон карапайым адамдар үчүн өтө жөнөкөй жана жетимдүү болду". Ал эми орто мектептин директору, Жумушчу топтун мүчөсү КОЧКАРОВА Зебиниса жаштардын кызыгуусун тренингдин негизги жетишкендиги катары атады: "Алар айыл өкмөтү эмне менен алектенгенин дээрлик билишпейт да. Жаштар өздөрү жашаган коомдун бир бөлүгү болуп эсептелгенин баамдай алышы үчүн ушундай иш-чараларды өткөрүп туруш керек".

# "Жамааттын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүүгө инвестициялар" гранттык машыктыргычы



## Чүй облусундагы 15 элеттик муниципалитет жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө 14,7 миллион сом алышты

2017-жылдын 17-майында Бишкекте Швейцария өкмөтүнөн гранттык колдоо алууга сертификаттарды тапшыруу аземи өттү. Жеңүүчүлөргө сертификаттарды Швейцариянын КРдагы Элчилигинин Миссия башчысынын орун басары Даниэль Мевли МОНТЕЛЕОН айым тапшырды.

Аземге КР Өкмөт аппаратынын ЖӨБ иштерин уюштуруу бөлүмүнүн ЖӨБ секторунун эксперти Рамис АЛЫКУЛОВ, КР Өкмөтүнө караштуу ЖӨБ иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча Мамлекеттик агенттиктин (ЖӨБЭММА) статс-катчысы Санжар ИКРАМОВ, Швейцария Элчилигинин өкүлдөрү, айыл өкмөт башчылары жана финансы-экономикалык бөлүмдөрдүн жетекчилери башында турган Чүй облусундагы бардык 15 муниципалитеттин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү, Долбоордун кызматкерлери жана Бишкек менен Чүй облусундагы ММК өкүлдөрү катышты.

Долбоордун жетекчиси Бекболот БЕКИЕВ Долбоорду ишке ашырууга көмөктөшүүсү, өнөктөштүк жана жетишкендиктер үчүн муниципалитеттерге ыраазычылыгын билдирди: "Чакан гранттар программасы – 2017 конкурсу Чүй облусундагы бардык муниципалитеттер арасында жарыяланган жана 2016-жылдын 12-декабрынан 2017-жылдын 27-мартына чейин өткөн. Конкурстун шарттарына ылайык, утуп алынган каражат жергиликтүү бюджеттерге жиберилет жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө, жергиликтүү жамааттын турмуш шартын жакшыртууга багытталган долбоорлорду каржылоого гана колдонулат. 2017-жылы колдоого алынган 15 өтүнмөнүн ичинен тогузу – бул мектепке чейинки жана мектеп курагындагы балдар үчүн шарттарды оңдоого багытталган долбоорлор. Бул долбоорлорду айыл тургундары ЖӨБ органдары атайын өткөргөн чогулуштарда көпчүлүк добуш менен тандап алышкан", – деп айтты Долбоордун жетекчиси.

КР Өкмөт аппаратынын уюштуруу иштери жана ЖӨБ бөлүмүнүн ЖӨБ секторунун эксперти Рамис АЛЫКУЛОВ конкурстун бардык жеңүүчүлөрүн кут-

туктап, Долбоор менен мындан аркы иштеринде ийгиликтерди каалады: "Иши жергиликтүү өнүгүүгө жана ачык-айкындуулукка багытталган мындай долбоорлордун ролу жана мааниси талашсыз. Жергиликтүү жана эл аралык уюмдар башында турган биздин өнөктөштөрүбүздүн жардамы менен аймактар жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн кошумча колдоого ээ болушууда. Бүгүнкү иш-чара ЖӨБ органдары менен донордук долбоорлордун эффективдүү кызматташтыгынын мыкты үлгүсү болуп эсептелет", - деп айтты КР Өкмөт аппаратынын өкүлү.

КР Өкмөтүнө караштуу ЖӨБЭММА статс-катчысы Санжар ИКРАМОВ инвестицияларды тартууда ЖӨБ органдарынын барган сайын артып бараткан кызыгуусун жана активдүүлүгүн баса белгиледи: "Бул жылы Чүй облусундагы 105 муниципалитеттин ичинен 33ү конкурска катышкан экен. Бул болсо биздин аймактардын жигердүү катышуусунун жана алардын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө инвестиция тартуу каалоосунун көрсөткүчү болуп эсептелет. Мен баарыңарды конкурста жеңип чыгышыңар менен чын жүрөктөн куттуктайм жана бул ишиңерде ийгиликтерди каалайм! Албетте мындан ары да жергиликтүү жамааттар үчүн артыкчылыктуу болгон көйгөйлөрдү чечүү үчүн ушул өңдүү долбоорлор менен кызматташуу практикасын уланта берүүгө чакырам. Ошондой эле биздин узактан берки жана туруктуу өнөктөшүбүз – Швейцария өкмөтүнө терең ыраазычылыгымды билдирем. Өлкөбүздүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасынын өнүгүүсүнө катышууңузду жана салымыңызды өтө жогору баалайбыз".

Швейцариянын Кыргыз Республикасындагы Элчилигинин Миссия башчысынын орун басары Даниэль Мевли МОНТЕЛЕОН аземге катышып жаткан муниципалитеттердин көбү ушуну менен экинчи жолу Швейцариядан гранттык жардам алып жатканын белгиледи. Ал жарандардын бул конкурска катышканы үчүн жана өз муниципалитетиндеги шарттарды жакшыртуу каалоосу үчүн баарына ыраазычылыгын билдирди.

1 миллион сомго 14 сертификатты жана 700 000 сомго 1 сертификатты (Садовое АА үчүн) жеңүүчү деп таанылган 15 муниципалитеттин башчылары алышты. Алар Гранттык макулдашууларга кол коюп, мөөрлөрүн басып беришти. Бул каражаттар грант алуучуларга – айыл өкмөтүнө сатып алуулар жөнүндө мыйзамдарга ылайык тендерлерди өткөргөндөн кийин которулат.

# Чүйдөгү 17 муниципалитеттин өкүлдөрү үчүн мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү боюнча окуулар уюштурулду

Тендерлерди мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамдарга ылайык уюштуруу жана өткөрүү үчүн айыл өкмөтүндө талаптагыдай окуудан ийгиликтүү өткөн сертификаты бар адис болуш керек. Сертификаттарды болсо атайын окуудан ийгиликтүү өткөндөн кийин КР Финансы министрлигинин Окуу борбору тапшырат. ЭУЖӨБОЖ Долбоорунун гранттык программасынын алкагында мындай окуудан өтүү жана сертификат алуу гранттык долбоорду ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн милдеттүү шарт болуп эсептелет.

Ошондуктан 2017-жылдын май айында Чүй облусундагы 17 муниципалитеттин өкүлдөрүн ЭУЖӨБОЖ Долбоору КР Финансы министрлигинин Окуу борборуна жиберди. Алардын арасында жооптуу катчылар, финансы-экономикалык бөлүмдөрдүн жетекчилери, жергиликтүү кеңештердин бюджеттик комиссиясынын мүчөлөрү, АӨ башчылары, салык инспекторлору жана айыл өкмөтүнүн башка адистери болду. Окуу процесси маалында катышуучулар "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзам, мамсатып алуулар процессинин жол-жоболору, сатып алынып жаткан товарлардын сапатына карата талаптар, техникалык өзгөчөлүктөрдү иштеп чыгуу, алардын максаттары жана тапшырмалары менен таанышып чыгышты.

"Окуулар КР Финансы министрлигинин Окуу борбору менен түзүлгөн эки тараптуу Кызматташтык жөнүндө Меморандумдун алкагында уюштурулду, - деп айтып берди Долбоордун гранттар боюнча адиси Султан МАЙРАМБЕКОВ. – Катышуучулардын алдына маанилүү тапшырма коюлду – беш күндүн ичинде алар үчүн жаңы болгон чоң көлөмдөгү маалыматты өздөштүрүш керек болчу. Окуу программасына ылайык, катышуучулар мыйзам чыгаруу чөйрөсүндө мамсатып алууларды өткөрүү жол-жоболоруна коюлган талаптарды үйрөнүп, алган билимдерин практика жүзүндө колдонгонду үйрөнүш керек болчу. Мисал катары катышуучуларга реалдуу сандар жана кырдаалдар сунушталды. Ошондой эле катышуучулар электрондук мамсатып алуулар порталы менен иштегенди, конкурстук документтерди жана мамсатып алуулар планын түзгөндү үйрөнүп, бул чөйрөдөгү наразылыктарды жана даттанууларды карап чыгуу механизмдери менен таанышып чыгышты. ЭУЖӨБОЖ Долбоору өз кезегинде гранттык добоорлорду ишке ашырууда муниципалитеттерге көмөктөшүп, укуктук маселелерге техникалык экспертиза жүргүзүү маселелери боюнча кеп-кеңештерин берүүнү уланта бермекчи. Ошондой эле Долбоор мониторингди уюштурууга жардам берет".

# Кызыл-Туу аймагынын жаштарында футбол талаасы бар!



2017-жылдын 24-майында Чүй облусунун Сокулук районундагы Кызыл-Туу айылында чакан футбол талаасынын расмий ачылышы болот. Объекттин курулушу боюнча маселени жергиликтүү калк артыкчылыктуу долбоор катары аныктаган; бул долбоор спорт менен алектенүү жана жаштарда сергек жашоо образын калыптандыруу үчүн шарттарды түзүүгө багытталган.

Чакан футбол талаасы ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун колдоосу алдында Кызыл-Туу айылдык аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан курулган. Долбоордун жалпы баасы 1 416 500 сомду түздү. Анын ичинен 1 млн. сомду Чакан гранттар программасы, 371 500 сомду жергиликтүү бюджет бөлсө, 45 000 сом – жергиликтүү жамааттын салымы болду.

"Биздин аймакта 10 000ге жакын киши жашайт жана футбол талаасынын курулушу биз үчүн өтө маанилүү маселе болчу. Бирок өз каражатыбыздын жоктугунан улам пландаганыбыз ишке ашпай келген. Чакан футбол талаасынын курулушу жаштардын бош убактысын пайдалуу өткөрүү маселесин чечип, алардын дене тарбиясына көмөктөшөт. Мындан тышкары талаанын жанында орто мектеп жайгашкан, окуучулар да футбол талаасында ойной алышат. Кийин талааны жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен каржылайбыз", - деп айтты Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысынын милдетин аткаруучу Замирбек Нурмамбетов.

Спорт менен алектенүү үчүн шарттардын жоктугу өңдүү көйгөй курч турганы жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоонун жүрүшүндө белгилүү болуп, бул маселе айылдык аймактын Биргелешкен аракеттер планына кошулган. Чакан гранттар программасы конкурсуна катышуу үчүн артыкчылыктуу долбоорду тандап алуу боюнча өткөрүлгөн айылдык чогулуш маалында футбол талаасынын курулушу боюнча демилге катышуучулардын эң көп добушуна ээ болду. Конкурстун жыйынтыгы боюнча дагы демилгени Долбоордун Конкурстук комиссиясынын мүчөлөрү колдоп беришти.

Гранттык долбоорду ишке ашыруу процессинде жумуштарды сатып алуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык өткөрүлдү. Айыл өкмөтүнүн кызматкери Долбоордун колдоосу менен мамлекеттик сатып алууларды жүзөгө ашыруу боюнча тренингден өттү. Кызыл-Туу АӨ өткөргөн конкурстун жыйынтыгы боюнча "Ильяс-Курулуш" ЖЧК жеңүүчү деп табылып, бардык жумуштарды аткарды.

Сокулук райондук администрациясынын башчысынын орун басары УСЕНОВ Абас бардык жашоочуларды жана жаштарды футбол талаасынын ачылышы менен куттуктады: "Кызыл-Туу аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү калктын турмуш шарттарын жакшыртуу үчүн кошумча каражат тартуу үчүн кызматташтыкка даярдыгын жана кошумча каражаттарды тарта аларын дагы бир жолу көрсөтө алды. Биз районубуздагы эки пилоттук айылдык аймактын бири менен Долбоордун өнөктөштүгүнүн жыйынтыгын көрүп жатканыбызга абдан кубанычтабыз. Раймамадминистрациянын атынан бардыгыңыздарды, урматтуу жашоочулар, ушундай маанилүү жана кубанычтуу окуя менен куттуктаймын! Дайыма лидер боло бергиле!".



# ЖӨБдүн өнүгүүсү: реформалар, мыйзамдардагы жаңылыктар

## Үч облустагы 250дөн ашуун муниципалдык кызматчы кызматчылардын ишине баа берүү, конкурс өткөрүү жана кызматынан илгерилөө боюнча жаңы билимге ээ болушту

2017-жылдын жаз мезгилинде Чүй, Ош жана Нарын облустарынын аймактарында “Кызматчылардын ишине баа берүү, конкурс өткөрүү жана кызматынан илгерилөө” темасына муниципалдык кызматчылар үчүн семинарлар өттү.

Баары болуп семинарга 255 киши катышты. Алардын арасында муниципалдык кызматчылар, КР Мамлекеттик кадр кызматынын жана анын бөлүмдөрүнүн адистери катышты. Аларга КР Мамлекеттик кадр кызматынын жана ЭУЖӨБОЖ Долбоорунун адистери лекция окушту.

“Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы (МКК) менен Өнүктүрүү саясат институту ортосунда түзүлгөн Кызматташуу жөнүндө Меморандумдун алкагында муниципалдык кызмат чөйрөсүндө семинарлар өткөрүлдү, - деп айтты Долбоордун муниципалдык кызмат боюнча адиси Нурдин КУМУШБЕКОВ. –Мамлекеттик жарандык кызматчылардын жана муниципалдык кызматчылардын ишине баа берүү, конкурс өткөрүү жана мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат боюнча илгерилөө тартиптери жөнүндө жаңы Жоболордун кабыл алынуусуна байланыштуу семинарларды өткөрүү зарылчылыгы пайда болду. Муниципалдык кызматчыларды баа берүү жана конкурс өткөрүү тартиби менен тааныштыруу, кызматчыларды баалоону уюштуруу үчүн зарыл болгон көндүмдөрдү өнүктүрүү максатында семинарларды өткөрдүк”.

Катышуучулардын өздөрү болсо материалдардын жөнөкөй жана түшүнүктүү болгонун белгилешип, баяндамалар, ченемдик материалдар жана ЧУА көчүрүлгөн дисктер кыргыз жана орус тилдеринде даярдалганын, ал эми практикалык иштер алган билимди дагы да мыкты өздөштүрүүгө жардам бергенин баса белгилешти.

Уюштуруучулардын айтымында, өткөрүлгөн семинарлардын натыйжасында бардык катышуучулар тема боюнча жаңы билим алышып, буга чейин өздөштүргөндөрүн бекемдеп алышты. Мындан тышкары алардын баарына мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат боюнча ЧУА көчүрүлгөн CD-дисктер берилди.

Уюштуруучулар катышуучулардын жардамы менен бир топ маселелер топтолгонун, аларды Долбоор менен МКК көмөгү менен чечилерин белгилешти.

## 2018-2020-жылдарга Кыргыз Республикасында ЖӨБдү өнүктүрүү программасынын долбоорун даярдоо боюнча Жумушчу топ бекитилди

Жумушчу топтун курамына “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун жетекчиси Бекиев Бекболот жана Өнүктүрүү саясат институтунун Башкаруу төрайымы Добрецова Надежда киришти.

Бул тууралуу 2017-жылдын 22-июнундагы № 01-18/79 буйрукка КР Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин директору Б.У.Салиев кол койду.

“Жумушчу топ 2018-2020-жылдарга Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү программасынын долбоорун даярдоо максатында түзүлдү. Ушул буйруктун аткарылышына көзөмөлдү Агенттиктин статс-катчысы С.И.Икрамов жүргүзөт. Ал эми Уюштуруу иштери, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына методикалык жана маалыматтык колдоо башкармалыгы алдыга коюлган максаттарга жетүү үчүн ар кандай көмөктөрдү көрсөтүп турат”, - деп айтылат Агенттиктин маалыматында.

Буйрукка ылайык, Жумушчу топтун мүчөлөрү 2017-жылдын 1-сентябрына чейин Программанын долбоорун Агенттиктин директорунун кароосуна жибериши керек.

Жумушчу топтун курамына маморгандардын да, Кыргыз Республикасындагы эксперттик жамааттын да өкүлдөрү киришти.